

6 **Желкеси кыйык жетимчилик көйгөйү**



9 **Жапондор жаңы жыл киргенде дуба кылышат**


# САРЕСЕП

28-январь, 2016-жыл
№03 (36)
saresep.kg
Калыс көз караш!





БШКнын корголоогон "калпагы" чоңбу?

5-бетте



Суицид – угулбай калган жардам суроо

11-бетте



Дүйнөнү (тымызын?) башкарам дегендер

12-бетте

# "Газпром" берген убадасын аткара алабы?




3-бетте




# Кыргызстанда экспорт да, импорт да азайган

Экономика министрлиги Кыргызстанда экспорттун азайышы менен катар эле импорттун да азайып кеткенин белгиледи. 2015-жылдагы чекене сооданын өсүшү сырткы рыноктогу абалга байланыштуу төмөндөп кеткенин кечээ экономика министрлигинин коллегиясында ведомство башчысынын жардамчысы Данияр Иманалиев билдирди.

Анын айтымында, Кыргызстандын негизги экономикалык өнөктөштөрү болгон Казакстан менен Орусияда экономикалык активдүүлүк басаңдаган.

Иманалиев 2015-жылдын ноябрь-январь айларында КРнын сырткы соода жүргүзүүсүнүн көлөмү 4 млрд. 989 млн. долларды түзүп, 2014-жылдын ушул айларына салыштырмалуу 23,7 пайызга төмөндөп кеткенин айтты.

КРдагы товарлардын экспорту алтынды эсепке албаганда 21 пайызга түшүп кеткен. Бул көбүнесе кийим-кече жана аларга тиешелүү нерселердин 2,2 пайызга, мунай өндүрүмдөрүнүн 1,7 пайызга, жер-жемиш жана мөмө-жемиштердин экспортунун 34,8 пайызга төмөндөп кетишине байланыштуу болгон. Ушундай эле сырттан келген товарлардын импорту былтыркы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 3 млрд. 681 млн. долларды түзүп, 27,4 пайыз төмөндөгөн.



## Кыргызстанда чочко тумоосунан эч ким өлгөн эмес

Бул тууралуу Саламаттык сактоо министринин орун басары, Башкы санитардык врач О.Горин "Акипресс" агенттигиндеги маалымат жыйынында билдирди. Анын айтымында бул грипптин вирусу Кыргызстанда да бар. Бирок бул вирус менен ооруган адамдын өлүмү катталa элек. Ал эми Каракол шаарында пневмониядан өлгөн аялдын чочко тумоосу менен ооругандыгы тастыкталаган жок. "Бизде бул вирус бар. Ошондуктан биз мекендештерибизди эл көп чогулган жерлерге барууну азайтышын, жеке гигиенасын сактоосун, ооруканаларга барып текшерилип туруусун, мектептерде жылуулук режимдеринин сакталышын, класстарды маал-маалы менен желдетүүсүн, коомдук жайларда маска тагынып жүрүүгө чакырабыз. Бардыгы өзүбүздүн аң-сезимибизге байланыштуу болот", - деди башкы санитардык врач. Ошондой эле ал бүгүнкү күндө Саламаттык сактоо мекемелеринде бейтаптарга зыярат кылууга чектөө киргизип, маска кийип жүрүүчү режимдер түзүлүп жатканын белгиледи. "Биз мектептерге, бала-бакчаларга байкоо жүргүзүп, балдардын эмне менен ооругандарына мониторинг жүргүзүп жатабыз. Бүгүнкү күнү мектеп, бала-бакчаларга карантин киргизүүнүн эч кандай зарылчылыгы жок. Анткени оорулуулардын жогорку көрсөткүчү жок. Эгерде эпидемия жанданып кете турган болсо, биз мындай мекемелерди локалдуу түрдө жабабыз", - деди О.Горин.



## Кыргызча биатлон: жебе менен жарышкан чаңгычылар

Кыргызстандык спортчулар буга чейин ат үстүндө жаа тартып келсе, эми анын заманбап түрүн өздөштүрүүгө өтүштү.

Байыркы көчмөн элдин жаа атуу өнөрүн жандандыруу максатында "Тогуз Булак" кышкы эс алуу жайында чаңгы тээп келатып жаа атуу боюнча оюнда чеберлер күч сынашууда. Аны "Кыргыз эл" коомдук бирикмеси жана "Салбуурун" федерациясы уюштурган.

Азыр ат үстүндө эле эмес, чаңгы менен жебедей сызып, жаа атууну үйрөнүп жаткан 30дай спортчу бар. Алардын айрымдары чаңгыны алгач ирет кийгендер. Тарыхчылар кыргыз жигиттери муну оңой эле өздөштүрүп ала турганын айтышат. Анткени, чаңгы тебүү улуттун канында бар экенин аңчылардын ташка чегилген байыркы сүрөттөрү менен кытай санжырасы ырастап турат.



## Нарын: өкмөткө каршы митингге чыккандар тарады

Чогулгандар өз талаптарын президентке, парламентке жана өкмөткө кагаз жүзүндө жолдомой болушту.

Өкмөткө наразылар тоолуу аймактын жеңилдиктери алынбай тургандыгын тастыктаган токтомду элге көрсөтүүнү, электр энергиясын арзандатууну жана соцфонд төлөмдөрүн мурдагы калыбында калтырууну талап кылышты. Митингге чыккандар малдын арзандыгына жана ГЭСтин курулбай калганына да наразылык билдиришти.

Митингге, уюштуруучулардын айтымында, миңге чукул, жергиликтүү бийликтин эсебинде 500дөй киши катышты. Митинг уюштуруучулары талаптар боюнча өкмөттөн 10-февралга чейин жооп күтөт.

Буга чейин нарындыктар өкмөттүн бийик тоолуу жана алыскы аймактарга каралган жеңилдиктерди алып салуу демилгесине каршы чыгышкан.

25-январда өкмөт башчы Темир Сариев чукул жыйын куруп, өкмөт бийик тоолуу аймактардан жеңилдиктерди алып салуу боюнча мыйзам долбоорун артка чакыртып алган.





## Кремль "Путин коррупционерди" сынга алды

Кремль АКШ финансы министрлигинин өкүлү Би-Би-Сидеги маегинде Орусия президенти Владимир Путинди коррупционер деп аташын "расмий айыптоого тете" деп баалады.

АКШнын финансы министрлигинин санкциялар боюнча бөлүмүнүн башчысы Адам Шубин Би-Би-Синин "Панорама" берүүсүндөгү маегинде орус президенти өзүнүн чыныгы байлыгын жашырып жүргөнү тууралуу айткан.

Аталган телеканал кечээ "Путиндин жашыруун байлыгы" деп аталган даректүү тасма көрсөтүп, анда Шубиндин интервьюсу жарыяланган. АКШнын Борбордук чалгын кызматы 2007-жылдагы баяндамасына ылайык, Путиндин байлыгы 40 миллиард долларга тете деп бааланган. Бирок Шубин аталган маегинде бул маалыматка комментарий берген эмес.

Путин буга чейин мындай маалыматтардын баарын четке кагып келген.



## Кыргызстандык спортчулар байгелүү келишти

Кыргызстандык өспүрүм кыздар Казакстанда өткөн эларалык муз үстүндө бийлөө турниринде алтын жана күмүш медалдарды жеңип алышты. Муз үстүндө бийлеген спорттун бул түрү Казакстандын Алматы шаарында болуп өттү. Мелдешке Казакстандын, Кыргызстандын жана Өзбекстандын 40тан ашуун спорт мектептери менен клубдарынын тарбиялануучулары катышкан. Кыргызстандан "Локомотив" мектебинин 7 спортчусу катышып келди. Алардын ичинен Бегимай Рахманова 1 орунду утуп, алтын медалга ээ болсо, Зулумбек кызы Мадина экинчи болуп, күмүш байгенин ээси болуп кайтып келишти.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 160**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# “Газпром” берген убадасын аткара алабы?

Орусия менен ГЭСтерди куруу боюнча келишимди бир тараптуу жокко чыгарган Кыргыз өкмөтү эми “Газпром” компаниясынын элди көгүлтүр от менен толук камсыздоо багытындагы инвестициялык программасы ишке ашпай калышы мүмкүндүгүн кыйыта баштады





22-январда вице-премьер-министр Олег Панкратов Бишкектин жака-белиндеги бир катар жаңы конуштардын тургундары газ түтүктөрү бар экенине карабай, электр жарыгын колдонууга басым жасап жатканын жалпыга маалымдоо каражаттарында билдирген. Ага чейин өкмөт башчы Темир Сариев да бул маселеге кайрылып, көгүлтүр отту пайдалануу боюнча эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө тапшырган болчу. Премьер-министрдин баамында, жарандар газ колдонууга өтпөсө, орусиялык ишкана бул багытка инвестиция салууну токтотот. Бийликтин пикиринен кийин “Газпром” Кыргызстандагы бардык милдеттер аткарылат деген кабар таратып, кыргыз-орус өкмөттөр аралык келишиминдеги жоболор акырындап ишке ашырылып жатканын маалымдап, буга “Кыргызгаздын” Казакстанга 41 миллион доллардан ашык карызы жана эл аралык уюмдар менен мамлекетке 900 миллион сом бересеси толук жоюлганын мисал келтирди.



Деген менен кыргыз өкмөтүнүн күмөн санаткан билдирүүлөрү орусиялык компаниянын Кыргызстандын алдындагы милдеттерин аткарууга кудурети жетеби деген соболдорго жем таштап, коомчулуктун талкуусуна түштү. Мунун да жүйөөсү бар. Өткөн аптада каржы каатчылыгынан улам Кыргызстан жана Орусия өкмөттөрүнүн ортосунда ГЭС куруу тууралуу кабыл алынган макулдашуулар денонсацияланып, тиешелүү мыйзамга президент Алмазбек Атамбаев кол койгон. Эми “Газпром” да инвестициялык программасын токтотуп коюшу ыктымал деген пикирлер дал ушул маселеге дал келип отурат. Орусия алгач ГЭСтердин курулушун убактылуу токтотуп, андан соң долбоорду аткара албай турганын моюнга алууга аргасыз болгонун эске алганда, “Газпром” убадасынын өтөсүнө чыгабы деген суроо туулат. Батыштын санкциялары, дүйнө базарындагы мунай баасынын болуп көрбөгөндөй арзандашына байланыштуу Орусия кабылган экономикалык каатчылыктан улам аталган ишкананын абалы деле көңүл жубатарлык эмес.

**Мурдагы депутат, саясатчы Равшан Жээнбеков:**

“Орусиялык ишкананын каржылык абалы бүгүнкү күндө жакшы болбой турат. Ага мунайдын баасы ылдыйлап кеткени себеп. Мындан улам компания Кыргызстандын алдындагы милдеттерин аткара албай калышы ыктымал. Ал эми элдин көгүлтүр отундан көрө, электр жарыгына басым жасап жатышы – орус газынын доллар менен эсептелгенине байланыштуу. АКШ валютасынын наркына жараша газдын баасы да ай сайын жогорулап жатат. Өкмөт “Газпромдун” абалын баамдап көргөндөн кийин жогоркудай билдирүүлөрдү жасай баштады деген көз караштамын.



**Москвадагы RusEnergy консалтинг компаниясынын талдоочусу Михаил Крутихин жалпыга маалымдоо каражаттарына “Газпром” каржылык таңсыктыктан улам, каражатты үнөмдөөгө мажбур деген пикири менен бөлүштү:**

“Аталган ишкана былтыркы жылдын үчүнчү чейрегин чыгаша менен аяктады. Түз инвестиция жасагыдай кошумча каражаты жок. “Газпром” атүгүл Орусия үчүн өтө чоң саясий мааниге ээ болгон Сибирден Кытайга кетчү газ түтүгүнүн курулушун токтотуп турат. Компаниянын Орусияга коңшу мамлекеттер менен алакасынын буга чейинки тажрыйбасы анын ишенимдүү өнөктөш эмес экенин далилдеди. Келгиле, “Газпромдун” Казакстан менен Түркмөнстанга берген убадасын эстеп көрөлү. Ал Каспий газ түтүгүн курууну, Орто Азия – Борбор газ түтүгүн жаңыртууну убада кылган эле. Өкмөт аралык келишимдерге кол коюлганы менен бул долбоорлор деле аткарылбай калбадыбы. “Газпром” Түркмөнстандан көгүлтүр от сатып алуу боюнча келишимди да бир тараптуу үзүп салды. Андыктан, Кыргызстанда кайсыл бир ири долбоорлорду аткара баштайт деп күтпөй эле койгула. Азыр анын буга акчасы деле жок. Албетте, компаниянын бүгүнкү каржылык абалын караганда, ал азыр киреше таппастан, таза чыгашага учуроодо. Биринчи кезекте акчасын жоготууда, ал эми базары кеңейген жок. Өндүрүш потенциалы чоң болгону менен газга алармaн таба албай жатат”.

**Маалымат үчүн:** Орусиянын “Газпром” компаниясы “Кыргызгаз” ишканасын 2014-жылы карыздары менен бирге шарттуу түрдө 1 долларга сатып алган. Андан соң атайын долбоор бекитилип, жакынкы жылдарда Кыргызстанды газ менен камсыздоону үч эсе жогорулатууну, үч жыл аралыгында 34 миллиард рубль инвестиция салууну убада берген. Мындан тышкары 2030-жылга чейин Кыргызстандын 60 пайызы газдаштырылып, 400дөн ашуун айылга 2 750 чакырым газ кууру жеткирилерин жарыялаган. Ушул тапта кыргызстандыктар бир куб метр жаратылыш газы үчүн 16 сом 93 тыйын төлөйт. Андан мурунку айда көгүлтүр от үчүн төлөм 15 сом 62 тыйын болчу. Доллардын курсуна карата орус газынын баасы да ай сайын кымбаттоодо.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



# Ө.Текебаев: Алтынды жалмаганга эмес, чучукту жамандаганга алыбыз келет

«Кумтөрдүн» айынан Өкмөт да, Президент да алмашып кетүүсү мүмкүн» деген "Ата Мекен" фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев төмөнкү маселерге да токтолду

"Кумтөр" боюнча "Центерра" менен сүйлөшүүлөр расмий башталган жок. Кумтөрдүн тактикасы – келишим бүткөнгө чейин сүйлөшүүлөрдү созо берүү. Ар кандай жаңы шарттарды коюп, Кыргызстандын үлүшүн азайтып, атайын жаратылган жаңы кырдаалдардан улам жаңы сүйлөшүүлөрдү баштай беришет. Бир нече жылдан кийин алар алтынды алып бүтөт. 2026-жылы "Кумтөр" жабылат. Ошондуктан сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү пайдасыз. "Центерра голд инк" компаниясы Кыргызстан менен эпке келбейт.

Азыркы тапта эки тараптын жолугушуусунда эмне сүйлөшүлгөнүн парламентарийлер да билбейт. Негизи расмий сүйлөшүү жүрсө, эки тараптан тең жумушчу топ түзүлөт, алар бир-эки жолу жолугуп, бул маселенин аягына чыкмак. Буга чейин болуп келгендей эле, бул жолу да "Кумтөрдүн" айынан Өкмөт да, Президент да алмашып кетүүсү мүмкүн. Ошол себептен сүйлөшүүлөр эч нерсени чечпейт.

Биринчиден, 5 жыл убакытты чечкиндүү аракет кылбай өткөрүп жибергенибизди моюнга алышыбыз керек. 5 жыл мурда кырдаал башкача эле. Алтындын кору көп, “Кумтөр” кенинин баркы, мааниси да жогору болчу. Дагы 5 жылдан кийин азыркыдан да төмөн түшө баштайт. Экинчиден, учурда “Центерра” Кумтөрдү жаап коёбуз, 2 миң жумушчу ишсиз калат, бюджетке 6 миллиард сом каражат түшпөй калат деп Кыргызстанды шантаж кылып жатат. Өзүнүн кызыкчылыгын коргоо, коомдук пикирди пайда кылуу үчүн миллиондогон долларларды жумшап жатат.

Чучукту жамандап койгон канадалык катуу сынга алынып, өлкөдөн айдалды. Алтынды алып, мөңгүлөрдү талкалап жаткан жетекчилерге ошончолук ачуубуз келбейт. Баарыбыз бир пикирде болсок жыйынтык чыкмак. Улутташтыруу керек деп чыркырап жүрсөк, элибиз ага каршы болгондорго добушун берди. Мамлекеттин Кудай берген табигый укугу бар. Бул – суверендүүлүгү, эгемендүүлүгү. Ушул укукту пайдаланып, Кыргызстанга экологиялык зыян келтиргенин мойнуна коюп, фактылар, мыйзамдар менен кысышыбыз керек эле. Алардын бул жерде иштөөсүнө мүмкүн болбогондой шартты түзүшүбүз зарыл. Ошондо айласыздан макул болуп, тигил же бул келишимди кабыл алуусу ыктымал.

# Эки карышкыр тууралуу икая



Кайсы бир эски убактарда кары адам небересине төмөнкүдөй турмуштук чындыкты түшүндүрүп берген экен.

– Ар бир адамдын ичинде эки карышкырдын таймашына окшогон күрөш болуп турат. Бир карышкыр жамандык, көрө албастык, кызганыч, өзүмчүлдүк, бой көтөрүү, калп сыяктуу жаман сапаттардын ээси болсо, экинчи карышкыр тынчтык, сүйүү, үмүт, чындык, жакшылык, берилгендик сыяктуу сапаттардын ээси.

Чоң атанын сөздөрүн кызыга уккан небере бир саам ойлонуп туруп:

– Акырында кайсы карышкыр жеңет, чоң ата? – деп сурайт.

Карыя билинер-билинбес жылмайып туруп:

– Уулум, кайсынысын жакшы баксаң, ошонусу жеңет, – деп жооп берген экен.

# Дүйнөнү ким өзгөртөт?



Бийликке умтулган саясатчылар бүтүндөй дүйнөнү өзгөртүүгө өздөрүнүн гана жолу ылайыктуу экенин калкка кадыры сиңген аксакалга талыкпай түшүндүрүп, үгүттөп жатышты.

Булардын таңуулоосун далайды көргөн акылман зор ынтаа менен укту да "Бул айтканыңар тууралуу бүгүн ойлонуп көрөйүн. Жообун эртең берем", – деди. Эртеси дүйнөнү өзгөрткүчтөр чогулуп баягысын кайра баштаган кезде, акылман карыя сабырдуулук менен мындай деди: "Балдарым, туура идеология деген бардык учурда жакшы болот. Бирок, аны ар ким ар кандай пайдаланганына байланыштуу. Миллиондогон карышкырлар чындык, акыйкаттык, адамгерчилик жана адамдык баалуулуктар үчүн күрөшүүгө чогулуп, дүйнөнү жакшы нукка салабыз дешсе да, алар баары бир карышкыр эле бойдон калат", – деген экен.

# Өлүм periштеси



– Сен кимсиң?

– Периштемин.

– Бул жерге кантип кирип келдиң?

– Кантип эмес, эмнеге келдиң деп сурабайсыңбы. Мен сенин жаныңды алып кеткени келдим.

– Тез элеби?! Эмнеге мынча эрте?!

– Акмактын суроосун берип жатасың го, сен. Болду, сенин убакты-саатың бүтүп, кетээр маалың келди.

– Бирок мен бул жашоодон эрте кетүүнү каалабайм. Мен али көп нерсени жасап үлгүрө элекмин.

– Тагыраак айтчы, эмне кылганга үлгүрбөй калдың? – деди периште шашылбай жайланышып.

– Мени жаңы жылдан кийин кызматымдан жогорулатышмак. Борбордон батир алмакмын. Жаңы унаага тапшырык бердим эле, аны тосуп алышым керек. Жакында Индияга да барып келейин дегем. Деги жасай турган иштерим өтө эле көп.

– Хе-хе. Күлкүңү келтиресиң да. Сен айткандын баары болбогон нерселер. Сенин материалдык кыялдарың материалдык дүйнөңдө гана маанилүү. Жаның денеңен бөлүнүп чыккандан кийин бул жалгандын бардык көйгөйүн унутасың.

– Айланайын ай! Мен мынчалык эрте өлгүм келбейт. Балким сен кичине кечирээк келерсиң?.. – деп жалдырап жиберди.

– Ха-ха! Ээх адамзат, силер деги кандай гана кызык жансыңар…

Периште ушуну айтты да шашылбай чапанын чечип, канаттарын күүлөдү.

– Жүрү мени менен, – деди ал.

– Мен эч жакка барбайм. Керек болсо, үйлөнгөнгө да жетише алган жокмун. Балалуу да боло элекмин. Артымда тукумум жок, – деп чырылдап жиберди.

– Туура! Сен алигиче өмүрлүк түгөйүңдү да таба элексиң.

– Мен жетише алган жокмун!

– Сен бул тууралуу Кудайдан суранган да жоксуң, – деп өкүм сүйлөдү периште.

– Эмне ушуну да сураш керек беле? Мен аны билбептирмин.

– Болду эми анткорлонбо! Мурда күнү кеңешмеге жетишпей баратып, Кудайдан убакытты токтотуп турушун суранбадың беле! Эмне кеңешме сенин тагдырыңан да маанилүү беле?

– Ооба… Ооба, туура айтасың… Мен кандай гана келесоомун. Балким эми оңолуп кетермин… Балким дагы бир аз жашай турсам… Деги мен үйлөнүп, балалуу болбой туруп, бул өмүрдөн кантип өтүп кетем, айтчы, байболгур?!

– Сенин максатың өтө тез өзгөрүп турат экен. Эки жүздүү немесиң бейм. Биринчи унаа, Индия деп жаттың эле, эми минтип үй-бүлө, бала деп калдың.

– Жок, сен өзүң деле үй-бүлөнү маанилүү деп эсептейсиңби? Ушуга сен да макулсуң да туурабы?

– Ооба, макулмун. Бирок минтип жүрсөң сен өмүрлүк түгөйүңдү таба албайсың го. Анан эмне болот?

– Мен табарыма ишенем. Мен издейм!

– А мен болсо сага көп ишенбей турам. Сен мурдуңдун учундагыны да көрө албайсың го. Эми турмушуң да маанисиз изденүү менен өтөт. Өмүрлүк жар табам деп болбогон жерден издеп, ар кайсы кызга барасың. Акыры жашоодон түңүлүп, ичип кетесиң. Бузуласың. Дос-туугандын баары сенден жүзүн үйрүп, качып калат. Өзүң болсо жан кейиткен ооруга кабылып, "кара басып, кайсы күнү туулдум экен" деп тагдырыңа наалат айтасың.

– Оо, Кудай! Болду токтот!

– Кудайдын атын эстегенден уялсаң боло, – деп буту менен жер тээп койду периште.

– Мени кечирчи! Мени кечирип койчу! Деги эмне кылсам болот? Эми эмне кылам?…

– Жолунан адашкан жолоочу кайсыл жерден жаңылса, багытын тууралаш үчүн кайра ошол жерге барат, – деди периште сыртта лапылдата жааган карга көз чаптырып туруп.

– Туура айтасың. Мен да дал ошондой кылам.

– Койсончу?

– Ооба! Ооба, мен ошондой кылам. Мен адашкан жериме кайра барам. Билесиңби, качандыр бир кездерде мен да бирөөнө арзыгам. Институтта чогуу окуган кыз болчу. Анын коюу кара чачы ийин ылдый төгүлүп, балбал жанган көздөрүнөн назиктиги, токтоолугу, ыйманы көрүнүп турчу. Бир сапар кокустук менен колумду сындырып алганда жаныман карыш жылбай отурганычы. Мен аны эч унуталбайм. Ошондо өзүм келесоолук кылыптырмын. Болор-болбос шылтоо менен улам башка кыз сулуу көрүнө берип, көңүлүн оорутуп алдым да, анан басып кетпедимби. Байкуш апамдын "ушул кызды эле ал" деп сыртынан жактырып кеткенине карабай кол шилтеп, кулак салбай койгом. Кызык, эмдигиче күйөөгө чыгып кетпеди бекен… Азыр телефон чалып көрөйүнчү… Мына азыр…

– О Кудай ай! Албай атпайбы. Бирок, ал алат. Сөзсүз алат. Эң негизгиси, үмүттү үзбөш керек. Каап десең. Убагында ойлонбоптурмун да. Карачы эми, ушунча жашап, ушу жашка келгиче курулай атак кууп, ар кайсы чоңдун көзүн карап жүрүп, адамдык бакыттан кур калган турбаймбы. Анан калса, канча кишинин назарын сындырдым. Ээх… Мен өтө чоң жаңылган экем! Өтө жаңылыпмын! Кудай ай!..

Ал ушинтип беймаани өткөн өмүрүнө үңүлүп, таң каракчысына чейин өзүн-өзү абийир сотуна салып, бирде буркурап ыйлап, бирде өз башын өзү койгулап кейип отурду. Акыры баарынан үмүт үздүбү, же баары бир болбой турганына көзү жеттиби, айтор, кете турган жагына камынып, өзүнө-өзү ыйман айтты. Сыртта айлана-теребел жарыкка бөлөнүп, таң сөгүлүп калган. Эми болбой калды, ажал периштесине моюн сундум дегенсип ордунан түзөлүп, бет маңдайын карады… Карады да калды… Көзүнө эч ким урунган жок! Эки жагын элеңдей караса да табылбады. Ээн бөлмөдө өзү жалгыз отурганын көптө барып түшүндү, кургур…

Бетти даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# БШКнын корголоогон “калпагы” чоңбу?

Эки айымды депутаттык мандатынан шылтоосуз ажыратуу менен Боршайком өз ишмердүүлүгүнө өзү шек туудурду. БШКнын мындай жоругун серепчилер мыйзам бузуу катары эсептеп, ээн баштык деп тапты. Албетте мындай кескин билдирүүлөр түз эле Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Туйгуналы Абдраимовго барып такалды. Эгер Абдраимов чынында эле мыйзам бузуп жатса, эмнеге укук коргоо органдары тарабынан тиешелүү баа берилбей жатат деген суроо тикесинен турган чак







## БШК сунуштарга кош көңүл карабайт


**“Республика–Ата Журт” партиясынан депутат болуп келген Жыргалбек Саматов** акыркы айларда бир гана мандат маселеси менен алек болду окшойт. Анткени БШК Саматовдун депутаттык мандатын Орусиясынын жараны деген жүйөө менен алып, кайра берип отуруп көпчүлүккө кызыктуу оюн көрсөткөнү бар. Ал эми депутат Саматов буга түздөн–түз партия лидеринин байланышы бар деп билдирди



– Убагында боршайком далили жок, орунсуз эле чечим чыгарып койгон. Муну кийин жогорку сот далилдеди. Мунун аркасында партиянын чоңдору дейбизби, лидерлери дейбизби, ошол адамдардын көлөкөсү турат. Партия лидерлери максатын кат аркылуу БШКга билдирет. БШК болсо аны кынтыксыз аткарат. Ишти козготкон партия лидерлери болгондуктан алардын да кызыкчылыгы зор. Аны өзү деле ачык эле айтып чыккан. Ал сөзү үчүн ал моралдык жактан да, укуктук жактан да жооп бериши керек болчу. Бирок мыйзамда депутат өз сөзүнө жооп бербейт деп жазылып калыптыр да. Ошон үчүн каалаганындай оттоп жатышат. БШК жетекчилерин жоопкерчиликке тартайын десе, анын ишмердүүлүгүн коргогон да мыйзамдар бар экен. Мына ошол мыйзамдарга өзгөртүү киргизмейинче, эч бир орган кылмыш жоопкерчилигине тарта албайт.

## Каякка барып кимге арызданабыз?

Чолпон Эсенаманова менен Элмира Жумалиева мандатынан кол жууп калганын БШКнын чечими чыккандан кийин гана билишкен. Сырттан караган адамга БШК алардын мандатын каратып туруп тартып алгандай таасир калтырат. Эки айым укугу бузулганын айтып көп эле жакка даттанды. Бирок, алардын арыз муңун уккан жан болбоду. **Жаш активист Гүлжигит Исаков** мындай тизгини жок бийлик турганда кимдин арызын ким укмак эле деген пикирин жашырган жок.



– Президент Атамбаев мурдагы Бакиевдин убагында БШК ойноп койду, БШК бурмалоолорду жасады деп сайрачу эле. Бирок кийин ошол бурмалаган, ойногон жетекчини кайра өзү алып келди. Бул автоматтык түрдө мурдагы ишиңди эми деле уланта бер деген сөздү элестетет. Акыркы шайлоолордо БШК бийликтин куралына айланып калды. Ал бул жоруктары менен өзүнүн эле абройун кетирип атат. Институт катары, мамлекеттик мекеме катары эл алдындагы ишенимин жоготту. Биз жаран катары алардын кемчилигин көтөрүп, бетине коюп турушубуз керек. Болбосо, акыйкат каерде экенин эл билбей, адашып калат. Мындай саясий баш аламан болуп турган чакта БШКны эч ким кылмыш жоопкерчилигине тарта албайт. Орусча айтканда “замкнутый круг” болуп жатса, ким кимге арызданат? Кайда арызданат? Арызданган адамды заматта басып коюп жатпайбы. БШКнын негизги милдети таза шайлоо өткөрүү болчу. Минтип каалаганына мандат берип, каалаганынан алып койгонго укуктуу да, милдеттүү да эмес. Кризис жана башка социалдык маселелердин баары Боршайком курал болуп, бийликке туура эмес адамдарды алып келип койгондуктан чыкты. Президент Атамбаев “бизге 65 мандат бергиле, өлкөнү өнүктүрөбүз” деп өзү айткан. БШК менен биригип 65 мандат алып койсо болмок. Бирок андай кылган жок. Ага духу да, көзү да жеткен жок. Ошон үчүн жасалма партияларды киргизди. Жогорку Кеңешке ким келип, ким кеткени анчалык деле кызык болбой калды. Ак мышык болобу, кара мышык болобу чычкан кармап берсе болду дегендей. Учурдагы негизги суроо башка. Ал “кантип өнүгөбүз? Кризистен кантип чыгабыз?” деген суроо.

Эл ичинде эки депутаттын мандатын тапшыруу боюнча жазган арызы жасалма болгон деген да кеп бар. Мына ошол жасалма арыздардын оригиналы “Кыргызстан” партиясынын лидери Канатбек Исаевдин колунда болгон. Бирок алардын чындыгында эле жасалма экенин аныктоочу экспертизага Исаев өзү келген эмес. Анткени менен айым депутаттар өз укугун коргоо үчүн акырына чейин күрөшө берерин айтышкан. Алардын бири **Чолпон Эсенамановага** кайрылганыбызда ал маалмаалы менен өз шайлоочуларына жолугуп жүргөнүн айтып, төмөнкүдөй оюн калтырды:



– БШК мандаттан мыйзамсыз ажыратып жатат. Буга мен эле эмес мени шайлаган эл дагы наразы. Ошондуктан менин гана эмес элдин да укугу тебеленип жатат десем болот. Учурда шайлоочулар менен жолугуп, аларды бир аз тынчытып жүрөм. Мен буга чейин акырына чейин акыйкат үчүн күрөшөм деп айтып келгем. Кийинки кадамым конститутциялык палатага кайрылуу менен уланат. Эми бул жерде айлампа болуп атпайбы. Айлампанын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы дагы бар, жогорку сот дагы бар, партия лидерлери дагы бар.

## Мандат жөн эле төш белги эмес

**Конституциялык соттун жана конституциялык кеңешменин мурдагы мүчөсү Клара Сооронкулованын** пикиринде, кандай болгон күндө да сот БШКнын чыгарган чечимин туура деп тапкан соң, эч ким Боршайкомдун ишмердүүлүгүн, же Абдраимовдун саясатын укуктук жактан сындай албайт. Ал үчүн колдо БШК мыйзамсыз иш жасады деген соттун далили болуш керек.



– Сот чечим чыгарган соң, БШКнын ишмердүүлүгүнө кандайдыр бир баа бериш өтө кыйын. Бир гана нерсе, мандаттан ажыратуу чечимин кабыл алардан мурда, кандай кырдаал болбосун ошол депутатты отурумга чакыртып, бирооз сурап коюш керек болчу. Укуктук жактан алганда арыз болушу мүмкүн, туура. Бирок ал адамдын да өз оозунан “кандайдыр бир себептерден улам мандатымдан өз ыктыярым менен баш тартып жатам” деген сөзүн угуш керек да. Мүмкүн арызды башка эле адам жазып койгон, мүмкүн алданып калган кайдан билет? БШКда азыр анын ыйгарым укугун ачып көрсөтүп, мыйзамдын негизинде иштегенге жол көрсөтө турган мыкты юрист жок. Көп кемчиликтер ошондон кетип атат. Конституция боюнча БШК өз алдынча иштеген, эч кимге көз карандысыз орган. Бул чынында туура. Анткени алар шайлоо өткөрөт, шайлоонун жыйынтыгын чыгарат. Ошондуктан эч ким кысым көрсөтпөшү керек. Бирок көз каранды эмес деген сөз жоопкерчилиги жок деген сөз эмес да. Кайсы мамлекеттик орган болбосун, асыресе көз карандысыз органдын жоопкерчилиги өтө зор. Мындай ыйгарым укугун бетке карманып алып, ар кандай жоопкерчиликсиз иштерди жасай берүү туурабы? Буга чейин Жыргалбек Саматов боюнча канча чатак болду? “Республика–Ата–журт” партиясынын депутаттарына байланыштуу канча чыр болду? Баарында тең сот БШКнын чечими мыйзамсыз деп тапкан. Бирок ошондо деле эч ким жоопкерчиликке тартылбай жүрбөйбү. Акыр түбү мандат деген жөн эле бир төш белги эмес да. Мандат бул элдин ишеними, элдин үмүтү.

## Токторов кимдин кайнагасы?

Эки айымды алып ыргыткан соң, депутаттык кресло Урмат Самаев менен Алмазбек Токторовго буюрду. Элге жүзү анча тааныла элек бул адамдардын бири Туйгуналы Абдраимовдун жакын санаалашы көрүнөт. Дегеним эл арасынан Токторов БШКнын төрагасынын бир тууган кайнагасы экен деген кеп учун эшиттик. Бул ушакпы, же далили жок чындыкпы деген учкай суроо менен БШКнын төрагасына кайрылуу аракетибиз оңунан чыккан жок. Жаңы жылдык эс алуудан кийин ишине жаңы эле киришкен Абдраимовдун мындан да башка маселелери четинен чыгып жатыптыр. Бир эле ал эмес, Боршайкомдун бардык мүчөлөрү ар кандай иш менен алек болуп жүрүптүр. Байкашыбызча өзүнүн мойнуна илинген айыпка БШК толугу менен макул окшойт. Телегейи тегиз жүргөн төрагасын көрүп, чын эле калкалаган “калпагы” чоң окшойт деген ойго да кептелесиң.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Желкеси кыйык жетимчилик көйгөйү

**“Жетим өз киндигин өзү кесет” дегендей, коомубузда ата-эне мээриминен эрте ажыраган балдардын саны акырындык менен өсүүдө. Жетимчилик көйгөйүнүн өрчүшүнө ажалдан баштап, өз жанынан чыккан балдарын таштаган ата-энелер да себепкер болууда**

«Өлүм айтып, кырсык күттүрүп келбейт» демекчи, баланы ата-энеден айырган ажалдын качан келерин баарыбыз биле бербейбиз. Бирок ара жолго ташталган, ата-эненин экөө тең, же бирөөсү тирүү болуп туруп, жетимдер үйүндө тарбияланып жаткан балдардын көбөйүшү коомубуздун көйгөйүнө айланып, жетимчилик маселеси оркоюп көрүнө баштады.

Буга чейин расмий маалымат булактарда айтылгандай, 2015-жылдын башында 16 680 бала ата-эненин кароосунан ажыраган. Булардын жарымы ажырашкандардын, калганы ички жана тышкы мигранттардын балдары. Ошондой эле учурда балдар үйүндө жана мектеп-интернаттарда 11 000 жетим бала багылууда.

Мамлекет балдарды 18 жашка чейин гана камсыздагандыктан, интернатты аяктаган баланын кийинки тагдырынын жакшы болуп кетиши да күмөн жаратат. Себеби алардын жашоосуна кызыккан жандардын саны жокко эсе. Жылына мындай мекемелерден 400гө жакын бала чыгат. Кимдир бирөө бир күндүк нанын табуу үчүн бирөөгө жалданып иштесе, кээ бирөөсү кылмыштуулукка баш багат. Таянар тоосу, жакыны болбогон балдардын мындай иштерге барышына күнөө коё албайсың.

## “Кудайдын аманатындагы балдар жөндөмдүү болот”

Жаштайынан жашоонун оор соккусуна дуушар болгон жетим балдарга ата камкордугун, эне мээримин таттыруу далалатында жүргөн **Тоголок Молдо атындагы №71 мектеп-интернатынын мүдүрү Атаев Рустам Алтымышбаевич** өлкөбүздөгү жетимчилик көйгөйүнүн өзөгү үй-бүлө баалуулуктарынын жетишсиздигинен келип чыгарын төмөнкүдөй билдирди:



“Өзүмдүн мугалимдик тажрыйбам он тогуз жыл, кесибим географ-экономист. Буга чейин бир топ жерлерде иштедим. Бул жер менин 4-ротациям. Эки жылдан бери мектеп-интернаттын мүдүрүмүн.


Биздин мектеп 2014-жылы Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Шаршеновичтин демилгеси менен өлкөбүздө жетим, кароосуз жана ата-эне укугунан ажыратылгандардын балдары үчүн түзүлгөн. Аларга жакшы шарт жана мүмкүнчүлүк түзүп берүү, коомдо өз ордуларын табууга жардамдашуу үчүн шаардык кеңеш тарабынан мектеп-интернат деген статус берилген. Ошондон бери бир жарым жыл болду. Кыргызстандан жети дубанынан 160 бала келип окуп жатат. Уставдын негизинде 10–14 жаштагы балдар кабыл алынат. Балдарды үч категория боюнча алабыз:

1. Тоголок жетим
2. Ата-энеси тарабынан кароосуз калгандар
3. Ата-эне укугунан ажырагандардын балдары.

Бардык окуучулар райондук социалдык өнүктүрүү башкармачылыктын анализинин негизинде, соттун чечими менен кабыл алынат. Мектепте балдар үчүн заманбап технологиялар, интерактивдик такталар, секциялар жана бош убактыларын өткөрүү үчүн ар кандай ийримдер түзүлгөн. Мектептин бул долбоорун өз алдыбызча үйлөндүргөнгө чейинки долбоор деп айтабыз. Бул болсо балдарды мектепти бүтүртүп эле койбой, жогорку окуу жайларга жайгаштырып, үйлөндүргөнгө чейин камкордукка алуу, мамлекетибизге кызмат кыла турган жаңы муунду иштеп чыгуу. Мектепти бүткөнгө чейин балдар 9–11дин базасында алгачкы кесиптик билим алышат. Өз тандоолору боюнча чач тарач, тигүүчү, жыгач уста, ашпозчу боло алат. Ошентип бала мектепти бүткөндө бир кесиптин ээси болуп, коомго аралашып кетүүсүнө жакшы шарт түзүп беребиз.

Мектеп алгач ачылганда эркин форма бар болчу. Кийинчерээк тоголок жетим балдарды ала баштаганда шаардан келген толук үй-бүлөнүн балдарынын ортосунда социалдык теңсиздик пайда болгон. Мына ушул теңсиздикти жоюу максатында ата-энелер менен алдын-ала түшүндүрүү ишин жүргүзүп, өлкөбүздө актуалдуу болуп турган бирдиктүү форманы биздин мектеп пилоттук катары киргизип, жыйынтыгында жакшы таасир берди. Азыр ата-энелер мурда балдарыбыз, кымбат баалуу кийим сураса, азыр китеп сурап калды деп айтып калышат. Себеби форманын өзү эле адамды 30 пайыз тарбиялайт экен.

Жетим дегенде эле адамдар билим албаган, жетиштүү тамактанбаган коомдун эң төмөнкү катмарын элестетишет. Бирок таң калыштуусу, ата-энелүү балдарга караганда ата-энеси жок, Кудайдын аманатындагы балдардын көбү талантуу, жөндөмдүү болот. Бизде мисалы 160 окуучу окуса, ошонун баары өтө таланттуу. Мына ушундай балдарга жакшы шарт түзүп берип жатканыбыз чоң жетишкендик. Ошондой эле максаты жок жүргөн жетим балдар дагы бар. Биздин мектептин бир өзгөчөлүгү, ошондой балдардын багытын аныктаганга жардам берет. Булар менен күнү-түнү иштеп, чыныгы ата-эне болгонго аракет кылабыз. Катуу тартип менен баарына жетүүгө болбойт. Мээримиң канча күчтүү болсо, бала ошончо жүрөгүн ачат. Балдар биринчи келгенде түнтүрөөк болуп, эч кимге ишенбейт. Биз болсо сүйүү, мээрим аркылуу көңүлүн таап, жүрөгүн ачканга аракет кылабыз.



Тоголок Молдо атындагы №71 мектеп-интернаты

Менин бир таң калганым, ушул жерден улуттук, үй-бүлөлүк баалуулуктар адамга канчалык керек экенин билдим. Бул баалуулуктарды мектепте, университеттерде окутуп-үйрөтүү менен балдарды жарым жетим кылган ажырашуунун алдын алгыдайбыз. Акыркы маалыматтар боюнча өлкөбүздө 25 000дей жетим, жарым жетим жана кароосуз калган балдар бар экен. Биз уставдын негизинде жылына 80 бала алабыз. 800дөн албасак дагы, жылына сексенин куткарып жатканыбыз биз үчүн чоң жетишкендик", – деди Рустам мырза.

## “Өмүрдүн бир келерин адамдарга түшүндүргүм келет”

Бул дүйнөдө бир үйдү кубанычка толтуруп, ата-энени бакытка бөлөгөн, элжиреткен кылык-жоругу менен кайгы-муңду жеңилдеткен баладан өткөн бакыт жок эмеспи. Бирок ошого карабай ата-эне мээриминен эрте ажырап, балалыктын таттуу күндөрүнөн ажырап жаткан балдарыбыздын көбөйүшү жан кейитерлик көрүнүш. Учурда **мектеп-интернатында тарбияланып жаткан Айгерим** аттуу кыз келечекте адамдарга кыйынчылыкта жол көрсөткөн инсан болгусу келгенин төмөнкүчө айтып берди:



“Менин атым Ташмуканбетова Айгерим. Тоголок Молдо атындагы №71 мектеп-интернатынын 8-классында окуйм. Өзүм Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Васильевка айылынан келгем. Бул жерде 2 жылдан бери окуп жатам. Үй-бүлөдө жалгыз кызмын. Апам каза болгондон кийин таенем менен таятамдын колунда болдум. Кийин айыл өкмөтүн сунушу менен бул жакка келгем. Атам менен катташпайм, өзү дагы байланышпайт.

Эң алгач мектепке келгенде бир чөйрөдөн үзүп келип экинчи чөйрөгө отургузуп коюшкандай эле болдум. Башында өкүнүп, ачуум келип, аябай кыйналдым. Бирок чөйрөгө карата адам өзгөрүлөт дегендей, мен дагы жакшы жакка өзгөрүлдүм. Бул жерден кетсем тагдырымды талкалап койчудай болом. Интернатты ушунчалык жакшы көрүп каларымды ойлогон эмесмин. Азыр каникулда таенемдерге барганда мектебимди, досторумду, мугалимдеримди сагына берем. Себеби алар ата-энем кылбаган нерселерди кылып беришет. Куса болуп, апамды сагынууга жеткире турган абалга калтырышкан жок.



Мага мектептин максаты жагат. Сапаттуу билим, татыктуу тарбия ала алам. Менде азыр материалдык жактан дагы, моралдык жактан дагы бардык нерсе бар. Биздин мектепте баары биз үчүн. Мисалы, кээ бир ата-энелер дагы өз балдарына мындай шарт түзүп бере албайт. Мугалимдерибиз, мүдүрүбүз, мектеп президентибиз бизге камкордук көрөт. Мен бийлегенди, спорт менен машыкканды жакшы көрөм. Өзгөчө таэквандону аябай жактырам", – деди. Айгерим келечекте өмүр бир келерин, бүгүнкү күн эртең болбой турганын адамдарга түшүндүрүп, жардам берген психолог болгусу келерин кошумчалай кетти.

## “Жетим балага жакшы сөз, жакшы мамиле жетиштүү”

Кыргыз коомунда жетим баланы асырап алуу жакшы өнүккөн эмес. “Өзүмдүн балдарымды араң багып жатам, бирөөнүкүн эмне кылат элем” дегендер чекеден табылат. Бирок студент болгонуна карабай **№71 мектеп-интернатында тарбиячы болуп иштеп жаткан Бакыт Пайызбек уулу** “апам болсо” деп ыйлаган балдарга үмүт бергенге аракет кылабыз дейт:

“Мен 7-класстагы балдарды карайм. Тарбиячы болордон мурун жетим баланын психологиясына ылайык даярданып келебиз. Алгач ар бир баланын өмүр баянын окуп таанышып да чыгабыз. Башында келип саламдашып жүрсөң, кийин өздөрү тосуп чыгып, бат эле көнүп калышат. Сырттан келсең күтүп турушат дегендей. Балдарга жакшы сөз сүйлөп, жакшы мамиле жасап коюу эле жетиштүү. Жаңы келген балдар башында жатып алып ыйлай берет. Эмне болду десең апамды, үйүмдү сагындым дейт. Карай келсең үйлөрү деле тар, шарты жок. Бирок ичинде апасы болсо болду. Апам тирүү болсо мен келбейт болчумун деп ыйлашат. Алаксытып, сүйлөшө келсең, апам минтчү эле, тигинтчү эле деп айтып беришет. Аларга үмүт бергенге аракет кылып, жанында болосуң.

Тарбиячы өзү тарбиялуу болуш керек. Мисалы биздин балдар айылдагы үйлөрүнө барганда досторубуз тамеки тартып калышыптыр, сөгүнүшөт экен деп таң калып келишти. Эгер балдар айылда болсо билинбей жүрө беришмектир, бирок биз мугалимдер, тарбиячылар өзүбүз үлгү болгондуктан балдар бул нерселерди билишпейт. Айтып үйрөткөндөн көрө, жасап көрсөтүү керек", – деди Бакыт мырза.

Бул жалганда жалгыз калган балдарга жардам берчү адамдардын бар экени кимди болсо кубантат экен. Бирок маселенин тамыры үй-бүлөдө жаткандыктан, жетимчилик көйгөйү өрчүп кете электе мамлекеттик деңгээлде чара көрбөсөк болбос.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Казак экономикасы Кыргыздыкын кубалап жетиши кыйын

Бул макала 25-январда казактын «gazeta.caravan.kz» сайтында орусча жарыяланып, кыргыз интернет желесинде катуу талкууну жаратты. Чын эле ушундайбы же «коңшунун өрдөгү каз, аялы кыз көрүнөт» деген кеп болдубу, аны окурман өзү талдасын



Сиз кызык бир нерсе байкагандырсыз. Жайында эле кыргыз сомун 3,5 теңгеге сатып алып жатканбыз. Январда болсо 5 теңгеден ала баштадык. Башкача айтканда, биз долларга карата жарым жылда эки эсе арзандасак, кыргыз сомунун чейреги эле кетилди. Эмне үчүн ушундай болду дейсиз?

Бардык коңшуларына салыштырмалуу Казакстан дайыма экономикалык дөө болуп келген. 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча биздин экономика Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстандыкын бириктиргенде да чоң болуп чыккан. Айрыкча, Казакстандын калкы 17 млн., коңшулардыкы 50 млн. экенин эстегенде, ого бетер сыймыктансак болот. Деги, биз эмненин эсебинен мынча озуп чыктык? Көп изденүүнүн деле кереги жок. Мунай жана аны кайра иштетүүчү ири ишканалардын эсебинен көтөрүлдүк. «Standard&Poor's» агенттигинин изилдөөсү боюнча мунай тармагы бизде 25%га жеткен. Бирок анын таасири Ички дүң өндүрүмдүн (ИДӨ) жарымын түзөт, себеби андан түшкөн киреше РКнын бюджетинин жарымын түзөт. Бирок, биз ушунтип манчыркап турган кезде коңшу мамлекеттин акчасы Орто Азиядагы эң күчтүү деп эсептелген теңгебизден да туруктуу болуп чыкты. Таң калычтуусу, Кыргызстан кедейлигинен улам күчтөнүп кеткен. Мунай жана башка кен байлыктары жок коңшубуз өндүрүш жана кызмат көрсөтүү тармагын катуу өнүктүрүп алган. Учурда КРнын экономика тармактары кошуналарыныкына караганда эң оптималдуу.

> Кыргызстандын ИДӨсү ар бир адамга бөлгөндө болгону 1 200 АКШ доллардан тиет. Бул 2014-жылкы Казакстандын 14 600 долларына караганда 10 эсе аз

### Бюджет

Чынында Кыргызстан жакыр өлкө. Алардын ИДӨсү ар бир адамга бөлгөндө болгону 1 200 АКШ доллардан тиет. Бул 2014-жылкы Казакстандын 14 600 долларына караганда 10 эсе аз. Ал эми бул цифраларды башка өңүттөн караганда, бюджеттин ИДӨгө салыштырмалуу көлөмү көзгө урунат. Бул көрсөткүч канча жогору болсо, ал мамлекет коомго ошончолук жакын дегендик. Башкача айтканда, коомдук байлык калк арасына адилеттүүрөк тарап, социалдык теңсиздик көзгө анча урунбайт. Эмесе биздики 12,6 пайыз, Кыргызстандыкы 24.

### Туризм

Бул жылдын январынын башында «Financial Times» Кыргызстанды саякатка ылайыктуу мамлекеттердин топ-7лигине киргизген. Ал макалада коңшу өлкөнү зыярат кылгысы келгендер артып барат деп жазылган. Кыргызстан көчмөн маданияты, тоолору, көлдөрү жана токойлорунун кооздугу менен заманбап жашоонун баш айландырган тездигинен качкандарды азгырып турат. Алардын өндүрүштүн «орой колу» тийбеген жаратылышы эң негизги артыкчылыгы болуп каралат.

Кыргызстанда туризм Казакстанга караганда жакшы өнүккөн. Биз кайра эле аларда Ысык-Көл бар деген шылтоону айтсак болот. Бирок, бул негизги себеп эмес. Негизгиси – жеткиликтүү баалар жана жакшы өрчүгөн инфраструктура.

Атын атагысы келбеген серепчи: «Ысык-Көлдө Каракол аттуу жалгыз лыжа тепчү курорт иштейт. Алматылыктар Шамбулакка барып эс алгандан көрө Кыргызстанга барып келүү кызыктуураак дешет. Биринчиден, арзаныраак. Экинчиден, сунулган кызматтарынын деңгээли жогору. Бизде жаратылыш шарттары жакшыраак болгону менен унааңды токтото албайсың. Түнөп же тамак ичүүнүн, тоого чыгаруунун куну асмандын башын чапчыйт.

Жайкы эс алууда да ошол эле көрүнүш. Эмгек өргүүсүнө чыккандар Боровойдогу баалардын кымбаттыгына арызданышат. Астанадан Түркияга барып эс алуу Боровойго баргандан пайдалуураак. Боровойдун сонун суусу бар. Шарттары менен көөндү айныткан Алакөл көлүбүз бар. Демек бийлик да, бизнес да бул тармакка көңүл бурбай келет.

### Экономика

«Жакында Кыргызстандан бензин арзандады деген кабар келди. Бул аны ким өндүрсө дагы, рынок эрежелери иштеп жатканын, коррупция бизге караганда төмөн экенин билдирет. Демек, ал өлкө туруктуу өнүгүп бараткан мамлекеттердин экономикалык нугуна түштү. Бул алардын базарында атаандашуу шарттары түзүлгөндүгүнүн белгиси. Бизде болсо бензин жогорулагандан жогорулап барат. Анан калса, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, мунайга тиешеси бар адамдар баалар көтөрүлөт дегенсиген белгилерди берип жатат", – дейт мунайды кайра иштетүүчү "Финпотребсоюз" ишканасынын башчысы Айдар АЛИБАЕВ.

### Кичи жана орто ишканалар

Өнүккөн өлкөлөрдө кичи жана орто ишканалар (КОИ) экономиканын 50–70 пайызын түзөт. Кыргызстанда КОИ ИДӨнүн 40 пайызын берет. Бул тууралуу КРдын экономика министри Данияр ИМАНАЛИЕВ 13-январда билдирди. КОИ бюджетке түшкөн каражаттын жоон тилимин жана он миңдеген жумуш орундарын камсыздайт.

– Чийки заттары тартыш мамлекеттердин бардыгы эффективдүүлүгүн арттырууга мажбур. Мисалы Корея, Тайвань, Жапония же Кыргызстан. Бул мамлекеттердин баары бизди шоколадда чөмүлүп жатат деп эсептешет. Балким туура айтып жатышкандыр. Аларда болсо башка жол жок. Ошондуктан алардын калкы ийкемдүү жана ыкчам келет. КОИнин кандай артыкычылыктары бар? Швециядагы чакан ишканалардын 80%ы эң акыркы технологияларды колдонот. Ошондуктан жогорку деңгээлдеги өндүрүм чыгарат. Биздин чакан ишканалар жеткирүү жана соода менен алек. Ошондуктан ыкчамдуулук дегенде маңызына да көңүл буруу керек. Кытайдын өндүрүмүн сатуу башка, кытайларга тетиктерди сатуу башка нерсе, – дейт экономист Рахман АЛШАНОВ.

Мерседес 50 миң тетиктен турат. Бул тетиктердин дээрлик бардыгын «Даймлер» холдингинин тегерегиндеги майда ишканалар чыгарат. Ири ишканаларга моделди иштеп чыгуу жана аны чогултуу гана пайдалуу. Биздин заводдордун мындай майда ишканалары жок.



> Кыргызстандын ЕАЭБге киргүүсү Казакстан гана эмес, Орусиянын да жеңил өнөр-жайына коркунуч алып келе баштады.

### Соода жана жеңил өнөр-жай

Түрдүү маалыматтар боюнча Кыргызстандын жеңил өнөр-жайы ИДӨнүн 30 пайызын берет. Албетте буга кытай жана түрк товарларынын реэкспорту да кошулуп кетет. Бирок кандай дегенде да Кыргызстандын ЕАЭБге кирүүсү Казакстан гана эмес, Орусиянын да жеңил өнөр-жайына коркунуч алып келе баштады. Бул «алсыз» коңшубуздун жеңил өнөр-жайынын салмагы тууралуу кабар берет.

Кыргызстандын тигүү цехтери өзгөчө салык режиминде иштейт. Белгилүү бир деңгээлге жетмейинче аларга салык салынбайт. Бул тармак жылына 190 миллион долларлык өндүрүм чыгарат. Анын 160 миллион доллардык бөлүгү Орусия менен Казакстанга экспорттолот. Өлкө пахта буласын кайра иштетүүдөн баштап, кийим тигүү ишканаларына чейин өндүрүштөрдү коюуда.

– Эки жыл мурун казакстандыктар менен орусиялыктар Кыргызстандын кийим тигүү ишканаларын сатып ала башташкан. Менин баамдоомдо бул тармактын 40 пайызы орусиялыктарга, 30 пайызы казакстандыктарга өтүп кеткен. Калган 30 пайызы гана жергиликтүүлөргө таандык, – дейт РКнын бажы брокерлеринин бирикмесинин төрагасы Геннадий ШЕСТАКОВ.

Ага карабай Бишкек кийим реэкспорттоодон баш тартайын деген түрү жок. Алар аны сылык-сыпайы гана ишке ашырууда. ЕАЭБде бажы ишенимине киргендер текшерилбей эле өтөт. Эгер ишенимди актабачуудай көрүнсөң, унааны толугу менен бошоттуруп текшеришет. Мындай учурда бажыдан качан чыгарың белгисиз.

Казакстан менен Орусияда кээ бир товарлардын түрлөрүн ким ташып келе жатканына карабай чочулоону ойготот. Ошондуктан илгертен бери иштеген жана эки-үч күнгө ачылган фирмалар бирдей каралып, жүктөрдүн бажыдан өтүү мөөнөтү узарып кетет. Кыргызстанда болсо чочулап текшерүүгө товарлар эмес, импорттогондор менен бажы брокерлери кабылат. Башкача айтканда, алар каалаган товарын ээн-эркин ташый алышат. Алардын бажысы өз ишканаларына тийишпейт. Ошону менен Бишкек аймагынан товарлардын ыкчам өтүүсүн камсыздап, жакшы киреше табат.

Мамлекеттин жеке ишканаларга ушундай жылуу мамиле кылганы кыргыз экономикасынын бардык тармактарында байкалып турат. Эми жогорудагы нерсенин баарын Казакстан менен салыштырып көрүңүз. Ошондо биз Кыргызстанды бир топ убакка чейин кубалашыбыз керек экени билинет.

АДИЛ УРМАНОВ

# Жаш бойдон калуу сырлары...



Мен кыйын деген дүйнө жүзүндөгү дарыгерлер тобу, психологдор жана диетологдор биргелешип, ар дайым жаш болуунун 10 беренесин иштеп чыгышты. Бул он берене аркылуу эс-тутумду өрчүтүүнү, жакшы ойдо болууну, ар кандай оорулар менен күрөшүүнү жана дегеле жакшы жашоого, өмүрүбүздүн узак болушуна өбөлгө түзө алабыз. Эмесе ошол жаштыкты сактоо тууралуу кабыл алынган 10 берене тууралуу айта кетсек...

### 1-Берене

Жеген тамагыңыз-ды көзөмөлдөп, орточо тамактаныңыз. Көп жеп алып сиңире албай, же аз тамактанып, ачка калбаңыз. Өзгөчө ашыкча калориялуу азыктардан оолак болуңуз. Айтылган ыкмаларды туура аткарсаңыз, сиз клеткаларыңызды ашыкча жүктөн арылтып, алардын активдүүлүгүн сактайсыз. Мунун натыйжасында жаңы клеткалар жаралып, организмдеги оорулар менен күрөшүүгө шарт түзүлөт.

### 2-Берене

Тамактануу талабыңыз өзүңүздүн жашыңызга туура келгени жакшы. Мисалы, 30 жаштагы айымдар боор менен жаңгакты көп колдонсо, бетке түшө турган алгачкы бырыштар бир аз кечирээк пайда болот. 40 жаштан өткөн соң сөөктү өз формасында кармоо үчүн кальцийди жана жүрөктүн жакшы иштөөсүнө шарт түзгөн магнийге бай жаңгак, бадам сыяктуу азыктарды колдонгон пайдалуу. 50 жаштан өткөн соң балык жесеңиз, сиз жүрөгүңүздү жана кан тамырларыңызды коргой аласыз.

### 3-Берене

Окумуштуулардын айтуусу боюнча, өзүнө жаккан, өзү каалаган жумуш адамды өз курагынан жаш көргөзөт. Андыктан кесип тандоого өзгөчө көңүл буруу керек. Мисалы, дирижёр, музыкант, хореограф, сүрөтчү сыяктуу кесиптер түбөлүк жаш болууну сактаганга өбөлгө боло алат.

### 4-Берене

Карылыкка жол бербеген эң негизги нерсе бул – сүйүү менен назиктик. Андыктан окумуштуулар күйөөсү менен аялынын бирге болуусун сунуштайт. Анткени жагымдуу мамиледе организмден эндорфин гормону бөлүнүп чыгып, иммунитет системинин жакшырышына шарт түзөт.

### 5-Берене

Жеке көз карашка ээ болууңуз абзел. Анткени мындай адамдар депрессияга аз кабылып, маанайы чөккөн учурлары сейрек учурайт.

### 6-Берене

Ар убак кыймылда болуңуз! Бир күндө кеминде 10-15 мүнөт спорт менен машыгуу өмүрүңүздү узартууга жардам берет. Кыймыл учурунда бой өсүү гормондору бөлүнүп чыгат.

### 7-Берене

Организмдеги зат алмашуу айлана-чөйрөдөгү температурадан көз каранды. Ошол себептен салкын бөлмөдө уктап эс алыңыз. Эгер адам 17-18 градус температурада уктаса, көпкө чейин жаш бойдон калары далилденген.

### 8-Берене

Өзүңүздү эркелеткенди, рахат тартуулоону унутпаңыз. Эгерде сизге жаңы баштык (сумка) же жаңы көйнөк жагып калса, аны сатып алуудан баш тартпай, аракет жасаңыз.

### 9-Берене

Бугуңузду ичиңизге катпай, аны жакындарыңыз менен бөлүшкөнүңүз туура. Ичке катылган санаа ар кандай ооруларга себеп экенин биле жүрүңүз. Эл аралык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча, рак оорусуна чалдыккандардын 64 пайызы бугун ичине катып жүргөндөр болуп чыккан.

### 10-Берене

Мээни иштетүү менен биз жүрөктүн иштешин активдештирип, кан айланууну жана зат алмаштырууну жакшырта алабыз. Андыктан мээңизди машыктырып, баш катырмаларды табыңыз. Кроссворд, сканворд толтуруңуз. Эсептегенде да калькуляторду эмес, мээни колдонуңуз!

### Кеңеш...

- Көп нерсени билүүгө умтулсаңыз, эч нерседен тажабайсыз.
- Тынч жайда уктап, толук кандуу эс алыңыз.
- Өзүңүздүн жаш курагыңызга карабай, физикалык жактан активдүү болуңуз.
- Эл менен жакшы мамиледе болуңуз. Айрыкча жаштар менен көбүрөөк баарлашыңыз.
- Карылыкка моюн сунбай, туруштук бериңиз жана дайыма күлүп жүргөнгө аракет жасаңыз.
- Жашоого оптимисттик көз карашта карап, андан оңой чыгып кете алам деген ишеничте болуңуз.
- Жаш курагыңыз канчада болбосун, баштан өткөн окуяларды азыраак эстеңиз. Андан көрө, келечектеги пландарыңыз тууралуу ой жүгүртүңүз.

Материалды даярдаган АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Жолдо жүрүүнүн эрежелери

Айдоочулар жол эрежелерин окуп-үйрөнүп, айдоочулук укугун алышат. Жөө жүргөн адамдарчы? Алар кайдан үйрөнүп, укук алышы керек?




### Жолдо айдоочу гана жооптуу эмес

Жолдо жүрүүнүн эрежелерин бир гана айдоочулар билиши керек эмес. Жол кырсыктарына да алар гана күнөөлүү эмес. Ошон үчүн жолдо жүрүүнүн эрежелерин ар бир адам билүүсү зарыл. Унаа айдаган адам жол эрежелерин окуп-үйрөнүп, айдоочулук укугун алат. Ал эми жөө жүргөн адамдарчы? Алар кайдан үйрөнүп, укук алышат? Адам жөө жүрүү эрежесин так билбесе, анда жол эрежесин бузуп, кырсыкка кабылып, өз өмүрүнө, ден-соолугуна жана айдоочуга зыян алып келет.

### Жол чырагы айдоочуга эле керекпи?

Жолдон өткөндө ким болбосун этият болушу керек. Ар бир ата-эне баласына жолдо жүрүүнүн эрежесин үйрөтүп, тартиптүүлүккө, сабырдуулукка жана кылдаттыкка үндөгөнү зарыл. Айрыкча, жол чырактарына жакшы көңүл буруу өтө маанилүү. Жол чырагынын кызыл түсү күйүп турганда машине жок болсо да, өткөнгө аракет кылбаңыз. Себеби, катуу келаткан айдоочу унаасын токтотконго жетишпей калышы мүмкүн. Кызылдан өтүп кетүү жаман адаты бир күнү болбосо, бир күнү зыянын тийгизе.

Эң кооптуу жер жолдордун кесилиши. Андай кесилиштерде кээде жол чырагы болбой да калат. Мындайда эки тарапты жакшылап карап, жөө жүргүнчүлөргө арналган өткөөлдөн өтүңүз. Эгерде жер астындагы өткөөл болсо, анда эң коопсузу ошол. Кайсы жолдо болбосун өзүңүзгө сак болуңуз!

### Балаңызды абайлаңыз

Балаңыздан алдыда да, артта да баспай, тең жүрүүгө аракет кылыңыз. Себеби балдар шашмараак, тобокелчи келип, сизге караганда бат өтүп кетүүгө ашыгат. Ошондуктан аны колунан жетелеп, өзүңүз менен тең бастырыңыз. Натыйжада, сиз балаңызга туура тарбия берүү менен бирге жашоо эрежелеринин бирин үйрөткөн болосуз.

Эгер жүргүнчүлөр үчүн атайын жерлер жок болсо, жолдун чети менен жүрүңүз. Жаман нерселер көзүмө илинбесин десеңиз, болжолдуу 45 градус төмөн карап жүргөнүңүз пайдалуу. Жол үстүндөгү будоо боло турган нерселерди алып койсоңуз, кийинкилерге жол ачкан болосуз. Бул адептүүлүктүн белгиси.

### Жаңы технология – жаңы коркунуч

Эң негизги эске ала турган нерсе – жолдо өтүп баратып телефонго алаксыбоо, телефондо сүйлөшпөй шашпай керек. Жолдо чөнтөк телефонго алаксыбоо жөө жүргүнчүлөргө гана маанилүү эмес. Айдоочу да чөнтөк телефон менен сүйлөшпөөсү керек.

Эң негизгиси, ар бир үйдө жол жүрүү эрежелери китеби болгону өтө маанилүү.

Даярдаган АЙНАГУЛ БЕРДИЕВА

# Жапондор жаңы жыл киргенде дуба кылышат

Бакир Жураев Жапонияда жети жылдан бери жашайт. Ал: «Токиого кеткениме ушунча убакыт өткөн соң кантип таап алдыңар? Аябай кубанттыңар го. Суроолорго жооп берүүнү анча каалабайм. Эрежелерди бузуп суроо бердирбей эле төгүп жиберейин өзүм» деп күлүп, бизди да жылмайтты



## №1 маданий нокдаун

Мен Жапонияга биринчи барганда он жашта болчумун. Ал барганымда баштапкы мектепте бир жыл, орто мектепте үч айдай окуп ийгенге үлгүрдүм. Жапон классташтарымдын тагдырында пайда болуум, алардын да меникинде капыстан пайда болуусу баарыбыз үчүн шок болду десем апыртпаган болбойм. Мен билген англисче сөздөрүмдү башаламан байланыштырып, түшүнүксүз сүйлөмдөрдү куруп алардын айласын алты кетирдим. Калган англисчемди кыргыз жана орус сөздөрүнөн курап, аяк жактарына «...ский» деген сыяктуу мүчөлөрдү кошуп булдурай берчүмүн. Жапон балдар эмне деп айткым келгенимди билбей кыйналышчу.

Ошентип дос күтө албаган, түшүнүшө албаган биринчи жылым өтүп кетти. Аябай кыйналсам да ал жыл мен үчүн берекелүү болду. Мен бул тажрыйбамды күнүмдүк жашоонун майда-барат көйгөйлөрү менен башын ооруткан ар бир кыргыз менен бөлүшкүм келет. Аларды мен өз ордун таба албай Кыргызстанда, же чет өлкөдө жүргөн ар бир кыргызга арнайм. Бирок аны баянымдын аяк жагында калтырайын, капа болбосоңор.



## №2 маданий нокдаун

Ошентип бир жылдын ашык убакыт Жапонияда жашап, бир нерселерди чала-була түшүнө баштаганымда кайра Бишкекке кайтып келдим. Бардык нерсе салыштырганда гана билинет деп коюшат эмеспи. Мен биз жердин киндиги эмес экенибизди жана ага жакын да болбогонубузду ошондо жүрөгүмдүн түпкүрүнө чейин сезип түшүндүм. Бишкекке кайтып келгенимде Жапонияга баргандан дагы тереңирээк маданий шокко түшүп калдым десем жаңылышпайм. Жапонияда бардык адамдар бири-бирин баалашат. Алардын улуу маданиятынын таасири менен ар кайсы улуттагы жана диндеги миллиондогон адамдар бири-бирине урмат-сый көрсөтүп, жүгүнүп салам беришет. Бишкекте болсо мурда байкабаган жапайылык менен тааныштым. 24 саат бою туш тарапка түкүрө берүү, жолдон калдырап-шалдырап өтүп бара жаткан унаалар, бульварларда көчүгү түшкөн аюудай бакырган адамдар, мушташ, уурулук, митаамдык... Уу-уй, бул тизмекти уланта берсең, аягы көрүнбөйт. Сөздүн төркүнү ушул – Жапония бул биздин жапайылык көрүнүштөрдүн бири менен да тааныш эмес. Балким ошондуктан ал дүйнөнүн эң өнүккөн, алдыңкы өлкөлөрүнө кирет болуш керек.

## Алар үчүн биз ат минген адамбыз

Ушул күнгө чейин алардын Кыргызстан жөнүндө билбегени менин жүрөгүмдү өйүп келет. Бирин-серин билгендери жабыла ыңкылаптардын кийин кантип калдыңар, Ислам мамлекетинен (террордук топ) корккон жоксуңарбы, же Оштогу окуялар эмне менен бүттү деп сурашат. Биздин Ысык-Көл, Айтматов, же Манас эпосубуздун каармандары жөнүндө эч кимиси билбейт. Алар үчүн биз боз үйдө жашап, жер менен мал үчүн согушкан атчан адамдарыбыз. Алардын мындай пикирлерине жүйөөлүү жооп да таба албайсың. Себеби биз чын эле кээде алар ойлогондой адамдарбыз. Эч нерсени тереңүшүнгүсү келбеген, маңыроо кишилербиз.

## №3 маданий нокдаун

Үч жыл Бишкекте жашаган соң менин Жапониядагы экинчи турмушум башталды. Эми андан бери жети жылдын жүзү болду. Көнүп кеттим. Туугандарым жапон эле болуп кеттиң дешет (күлүп). Бул барганымда да маданий шокко кабылдым десем болот. Кайра эле салыштырмай. Өзүңө-өзүң жакпайсың. Себептери жогору жакта айтылды. Бу сапар жапончону араң үйрөндүм. Себеби мени дароо эле орто мектептин 3-классына отургузуп коюшту. Жогорку мектепке өтүүгө жарым жыл эле убактым бар. Шок, шок, кайра эле шок (күлүп).

## Жапон мектебинде окуу кандай?

Жапандардын окуу системасы америкалыктардыкына окшоп кетет. Советтик окуу жайлар мектеп-университет деп экиге бөлүнсө, Жапониянынкы төрткө бөлүнөт. Жапондор мектепти башталгыч, орто жана жогорку деп үчкө бөлөт. Ар биринин өзүнчө имараты, талаптары, кирүү сынактары, формасы бар. Андан кийин же университет, же түз эле «кетмен чапканга» кетесиң.

Бери карап күлүп, нары карап ыйлап отуруп сынактарды тапшырып, силер мелодрамалар менен анимэде көргөн катардагы жапондор окуган жерлерде окууга жетиштим. Алардын сыйкырдуу эч нерсеси деле жок. Адаттагы биз көргөн эле окуучулар. Балким алардын биздин байлардын көпкөлөң тарткан балдарына караганда күчтүүрөк болгонунун сыры да ушул жөнөкөйлүгүндө чыгар. Жапонияда 16 жашка чыкмайынча «укугум бар» дегенди унутуп эле коюш керек. Спирттик ичимдиктер менен түнкү клубдарда сайрандоо түшүнө да кирбейт. Биздин бат эле «чоңоюп- чочоюп» жибергиси келген жубарымбектердей эмес. Балдар окушат, ойноп чер жазышат. Бала баладай, башы-көзү чарадай демекчи, бала чоң киши эмес, ал балалыгын баладай өткөрүшү керек.

## Жапониядан мен эмне таптым?

Кээде табитиң бузулуп, виски шимирип, ээн-эркин жүрүп, бийлеп, акча чачкың келет. Мага Жапония булардын баары жашоодо маани берчү нерселер эмес экенин түшүндүрдү. Күндө жакшы жакка, жогору карай өзгөрүп туруу өтө маанилүү. Токтолбой алдыга жылуу, окуу, эмгек, жөнөкөйлүк жана напсиңди атты таптагандай таптоо гана сени алдыңкы саптарга чыгарып, чөгүп кетүүдөн тосуп турат. Мен Жапониядан тапкан чыныгы байлык ушул деп эсептейм. Мен мунун баарын (күлүп, жайнап) силерге да белек кылгым келет.

Балдырап отуруп ашыкча нерселерди да айтып жибердим окшойт. Бирок мен Кыргызстанымдын, сүйүктүү Мекенимдин патриоту экенимди да баса белгилегим келет. Мен жан дилим, чын жүрөгүм менен Бишкегибиздин өнүгүүгө тоскоол болуп турган ооруларынан арылуусун тилейм. Мен чын эле өз элиме жаркын, ишенимдүү келечек тартуулагым келет. Пландарым катардагы адамдыкындай эмес. Бирок жашоо улуу максаттарды коюп, кыялдарга жетүү үчүн керек да.

## Жапондор Жаңы Жылды кантип тосушат?

Мен азыр университеттин биринчи курсундамын. Кышкы каникул маалы. Быйыл анча деле суук эмес. Кар жакшы түшпөй, майрамдык маанай анча эмес (күлүп).

Ушу тапта Сидзуока деген префектурага автобус менен баратам. Таңкы саат төрт. Быйылкы каникулду жапондорчо, үй-бүлөм менен бирге өткөргүм келет. Жапондор Жаңы жылды биздей эле тосушат. Үйдү аябай тазалап, кагып-силкип чыгышат. Анан дасторконго тамакты жайнатып алып, телевизор көрмөй. Жаңы жылда атайын «осечи» деген тамак жасалат. Даамдуу жана пайдалуу жакшы тамак. Түн ортосу болгондо адамдардын баары үй-бүлөсү менен сыртка чыгышат. Буддисттердин храмдарына же башка диндердин ибадатканаларына барып Жаратканга жалбарышат. Бул салт «хатсумууд» деп аталат. Каникулдар достор менен бир-эки жолукканга жетет. Андан кийин менин окуу майданым кайра башталат.

Каникулдар кыска болсо да жапон достор менен сукпатташканды сагынып кетем. Алардын тамашалары мага абдан жагат. Аны сөз менен айтып жеткире албайм. Бир гана ал тамашаларды башка бир да элдин тамашаларына салыштырып болбосун айта алам. Ал өзгөчө, түшүнүүгө өтө жеңил жана жеткирүүгө ыңгайлуу. Жапон болсом куудул болмок окшоймун деп ойлоп коём (күлүп).



Булак: Limon.KG

# Тоголок Молдо – агартуучу, акын, манасчы

Кыргыз өнөр адамдарынын көч башында турган улуу залкарларыбыз тууразындагы сериябыздын бүгүнкү чыгарылышынын каарманы өз заманындагы белгилүү манасчы, акын, фольклорист, агартуучу Тоголок Молдо Байымбет Абдракманов тууралуу болмокчу



### Тоголок Молдо өрнөк инсан

Касиеттүү Теңир-Тоо кыргыз элинин бактысына нечендеген залкарларды, кайраттуу эр-азамат, улан-кыздарды берген берекелүү, мал киндиктүү жер. Мына ошол улуу тоонун койнунда 1860-жылы кыргыздын дагы бир талантуу акындарынын бири Тоголок Молдо жарык дүйнөгө келген. Өз аты Байымбет, атасынын аты Абдракман болгон. Тоголок Молдо деген атка ээ болуусунун себеби ал өз заманындагы адамдардан айырмаланып, кат-сабаты жоюлган билимдүү инсан болуптур. Өзү кара, тоголок жүздүү болгондуктан, жеңелери Тоголок Молдо деп тергеп коюшчу экен. Ушундан улам так ушул ылакап ат менен кыргыз элине белгилүү болуп отурбайбы. Анткени менен белгилүү акын өзүнүн 82 жылдык өмүрүндө башынан көп нерсени кечирген.

Байымбеттин рухий көрөңгөсү сөзсүз түрдө атасы Абрахмандан уланган. Атасы сөз кадырлап, элдик оозеки чыгармаларды чебер аткара билген өнөрпоз адам болгон. Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын калыптанышына чоң атасынын бир тууганы Музоокенин, өз доорундагы залкар манасчысы Тыныбектин таасири тийген. Алардын тарбиясы менен "Манас" эпосу баш болгон кыргыз элинин рухий байлыгын терең өздөштүргөн. Бул тууралуу ал:

*"Он сегиз жашка келгенде,*
*Акын болдум аттанып.*
*"Манасты" бут үйрөндүм,*
*Тыныбектен жат алып",* – деп жазганы бар.

### Билим алуудагы дилгирлиги

Тоголок Молдонун башка импровизаторлордон айырмачылыгы – араб графикасында жаза билип, перс, араб, түрк элдеринин адабий мурастарын өз алдынча окуп, өзүнүн руханий дүйнөсүнө сиңире алгандыгында болгон. Демек ал өтө сабаттуу, билимдүү адам болгон десек жаңылбаган болобуз. Ал Низами, Навои, Хафиз, Абайдын чыгармалары менен тааныш болчу. Ислам аалымдарынын чыгармаларынан да жан дүйнөсүнө азык алган. Ал тээ бала кезинен билимге умтулуп, айылдык молдодон окуп-жазганды үйрөнду. Кийин атасы эрте дүйнө салып, жетимдикти да башынан кечирген.

### Манасчылыкка жол

Чоң атасынын бир тууганы Музооке өз заманындагы белгилүү адам эле. Төкмө өнөрүнүн чебери жана комузда кол ойноткон залкар комузчу саналган. Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын калыптанышына ошол адамдын түздөн-түз таасири тийип, чыгармачыл пайдубалынын түптөлүшүнө зор салым кошту. Бирок, ал дагы Байымбетти асырап алгандан төрт жыл өтүп каза болот. Жетимдиктин айынан алардын үй-бүлөсү жокчулуктун каарын тартып, Теңир-Тоонун койнунан Сары-Өзөн-Чүйгө көчүп келишет. Кат тааныган Байымбет жергиликтүү балдарга арабча үйрөтөт. Ушул өрөөндө жашап жүргөндө ал казак-кыргыздын белгилүү төкмөлөрү менен жолугушуп, алардан таалим-тарбия алат.

Белгилүү жомокчу Тыныбекке жолугуп, "Манас" айтууга катуу кызыгат. Ошентип он сегиз жаш курагында белгилүү акын, манасчы атанып калат.

### Кемчонтой

Табиятынан зээндүү Тоголок Молдо инсан катары калыптанышы үчүн жаштайынан көп аракет кылып, көп изденген. Билимине адеби жарашып, эл-журтка кызмат кылуудан тартынган эмес. Өмүрүн агартуучулук менен чыгармачылыкка арнаган окутуучу жеке чыгармачылыгында дидактикалык жанрга да басым жасаган. Жаш муунду тарбиялаш үчүн тарбиялык мааниси бар чыгармаларды кынабына келтире жазган. Буга мисал катары 1900-жылы жазган "Кемчонтой" аттуу сатиралык чыгармасын алсак болот. Кемчонтойдун образы аркылуу адам баласынын терс сапаттарын – эси жоктукту, алакөөдөндүктү, оройлукту, кырстыкты ашкерелеген.

*"Кемчонтойдо эс барбы,*
*Унутуп калат урганын,*
*Жүрө берет сенделип,*
*Ойлобойт жандын жыргалын.*
*Нандын атын унутуп,*
*Кемчонтой айтат жалпак деп.*
*Калпагын айтат байпак деп.*
*Байпагын айтат талпак деп"*

деген саптары эл ичинде бекеринен жатка айтылып калбаган чыгар. Акын бул чыгармасында ар заманда коомдук көйгөй болгон соттордун жемкорлугун, кызынын бактысын ойлобогон куру намысчыл ата-эненин, тарбия көрбөгөн байдын баласынын келесоолугун жазган. Кыргыз адабиятында эң алгачкылардан болуп тамсил жанрынын жанданышына себепчи болгон. "Иттин доолдай тиктирем дегени", "Бабырган" деген сатиралык чыгармалары каймана берилген алгачкы чыгармалардан десек да болот. Баарынан кейиштүүсү, ал 1916-жылкы үркүндө ошого чейин баскан-турганын жазып жүргөн жыйнагын жоготуп жиберген.



### Тоголок Молдо фольклор жыйноочу

Тоголок Молдо тарых үчүн маанилүү делген "Манас" эпосунун тарыхый доорун изилдегенге да аракеттерди жасаган. Ырамандын ырчы уулу баш болгон 31 манасчыны ырга салып, санат кылып кошуп кеткен. Баса белгилей кетүүчү нерсе – Байымбет Абдракман уулу кыргыз фольклористикасына нар жүгүндөй мурас калтырган. Кыргыз Илимдер академиясына "Манас" үчилтигинен 98 703 ыр сабынан турган материалды, "Шырдакбек", "Жаңыл Мырза", Мендирман" сыяктуу элдик дастандарды кагазга түшүрүп өткөзгөн. Мындан сырткары, эл аралап жүрүп кыргыздын тарыхын, санжырасын эл оозунан чогулткан. Баш-аягы басмага 200 басма табак материал даярдап берген. Тоголок Молдонун вариантында башка манасчыларда кездешпеген "Манастын ашы" деген бөлүм бар. Тыныбектин окуучусу болгондуктан Сагымбай Орозбаков экөөнүн варианттарында сюжеттик окшоштуктар байкалат.

Тоголок Молдонун чыгармалары 1925-жылдан баштап жарыкка чыга баштаган. Алгачкы ырлар жыйнагы "Насыят" деген ат менен Москвада 1925-жылы жарыяланган. Көзү тирүүсүндө, 1939-жылы жазма акындын дагы эки жыйнагы жарыкка чыгып, башка тилдерге которулган.

Акындын юбилейлик даталарынан 80 жылдыгы менен 100 жылдыгы мамлекеттик деңгээлде белгиленген. Борбор калаабызда Тоголок Молдого эстелик тургузулган. Анын наамын өлкөбүздүн көптөгөн мектептери, көчөлөрү, айылкыштактары алып жүрөт. Кыргыз валютасынын 20 сомдук номиналына да Тоголок Молдонун сүрөтү чегерилген.

### Саясий жаргылчак "Уругум менин кыргыз"

Тоголок Молдо да көпчүлүк кыргыз акын-жазуучуларды эле кеңеш өкмөтүн кучак жайып тосуп алган. Анткени мурдагы түзүлүштөгү башкаруудан айырмаланып, жаңы орногон кеңеш өкмөтү кыргыз элине чоң жаңылык алып келген. Падышалык оторчулардын чапкынынан жабыр тарткан элди өз жергесине кайтарып, сабатын жойгон. Көпчүлүк изилдөөчүлөр Тоголок Молдону советтик акын деп эсептешет. Буга себеп катары анын кеңеш өкмөтүн даңазалап ырга салганын айтышат. Анткени менен Тоголок Молдонун советтик саясатты жактырбаганын айткандар да бар. Мисалы айтылуу Азамат Алтайдын 1960-жылы Тоголок Молдонун 100 жылдыгына карата жазган макаласында ушундай деп айтылган. Анын айтымында Тоголок Молдо пантүркчүл идеяны карманган деп берилет. Буга мисалы катары ал Климович аттуу орустун Тоголок Молдону пантүркчүл деп эсептегенин келтирген. Ал аны Тоголок Молдонун жыйнагынын 1-томунун 281-бетинен тапкан. Анда мындай айтылган жерлер бар экен.

*"Эгерде, сен кимсиң деп менден сурасаңар,*
*Менин атам Жакып, өзүм Манасмын,*
*Чыккан түбүм түрк,*
*Урааным менин Алаш.*
*Уругум менин кыргыз деп жооп беремин".*

"Мына ушундай сөздөрдү жазган улуу акын кантип эле ашынган коммунист болгонуна таң калам" дейт Азамат Алтай. Деги, кыргыз элинин башына кандай күн келбесин, эл алдында жүргөн чыгармачыл адамдар саясаттын жаргылчагында катуу жанчылганы байкалат. Ошентсе да атуулдук позициясынын негизин агартуучулукка арнап, кыргыз элин массалык караңгычылыктан, сабатсыздыктан чыгарууга далалат жасаган залкар аталарыбыздын жигердүү аракеттерине таң калбай коюуга болбойт. Аларды көрүп туруп азыркы XXI кылымда жашап турганына карабай дагы деле түркөйлүктүн туткунунда жүргөн жалпы массаны ойлоп жан кейийт. Өмүрү өрнөк аталарыбыздын караңгычылык доордогу билим алууга, алган билимин бөлүшүүгө жасаган аракетине суктанасың. Эркизден Тоголок Молдо атабыз кыргыз мамлекети толук эгемендүүлүккө ээ болгон учурда жашаса, кандай чыгармаларды жаратат эле деген ойго жетеленесиң... Анткени менен жазмыштын ушунусуна да шүгүр дейли. Заман карып бараткан менен залкар акындардын чыгармалары бүгүнкү күндө да маанисин жоготпой, келечек муунду өз нугунда тарбиялап баратканы көңүлдү кубантпай койбойт.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Суицид – угулбай калган жардам суроо

Жараткан бул дүйнөнү сыноо катары жаратkan экен. Бул кыска сапар кең жана түбөлүктүү жашоого алып барат. Ошондуктан дүйнө жашоосу канчалык кыска болсо, ошончолук маанилүү. Эң соңку жана натыйжа чыгаруучу сынак болсо - өлүм



## Суицид түшүнүгү

Эң ободу айтылчу сөздүн маанисин так жана даана түшүнүп алуу туура болор. Суицид (лат. sui caedere — өзүн өлтүрүү) – атайын аракет кылуу менен өз жанын кыюу деген маанини берет. Сыртынан караганда адам суицидге өз каалоосу менен жана өзүнүн аракети менен баргандай көрүнөт.

Бардык жан кыюуларды чыныгы жана ашкере суицид (парасуицид же псевдосуицид) деп эки чоң топко бөлсө болот. Ашкере суицид (псевдосуицид) аффект абалында аткарылып, жанын кыюудан мурун бул жагымсыз аракетине коомдун көңүл буруусун каалайт. Муну жапакечтин айлана-чөйрөсүнөн "жардам сураган" чыңырыгы деп түшүнсө да болот. Чыныгы суицид (парасуицид) болсо жакшылап ойлонулган аракет. Анын максаты кандай болбосун жанын кыюу.

Андан сырткары аракечтик, баңгилик, чылым чегүү, оор илдетке кабылганда сакаюуга аракет кылбоо, жол эрежелерин жана коопсуздук эрежелерин сактабоо, спорттун экстремалдуу түрлөрү менен машыгуу сыяктуу дароо жана түздөнтүз өлүмгө алып келбөөчү, бирок ден-соолук менен өмүргө коркунуч туудурган жүрүм-турум да кээ бир окумуштуулар тарабынан жашыруун суицид деп аталган экен.

## Коомдун суицидге жакын тайпалары

Жаш жигиттер, кыздар жана өспүрүмдөр улууларга караганда көбүрөөк жан кыйышат. Аялдар өз жанын кыюуга 4 эсе көп аракет кылганы менен, эркектердин аракети аялдарга караганда үч эсе көбүрөөк ишке ашат.

Ал эми Кыргызстан тууралуу айта турган болсок, 2014-жылы 106 бала өз өмүрүнө кол салган. Адистердин айтуусу боюнча Кыргызстанда 40% адам бул илдеттин кырында турат.

Андан сырткары, өлкөбүздө 2009-жылы 8 айдын ичинде 112 окуучу, башкача айтканда, үч күндө бирден окуучу жанын кыйган. Суицидге көбүнчө 6-9-класстын окуучулары барууда.

## Суициддин себептери жана алдын алуу жолдору

Жаш балдардын өмүрүн кыюусунун эң негизги себеби "бул улуу муундун, коомдун жана мамлекеттик органдардын кайдыгерлиги, балдарга жетишерлик көңүл бурулбаганы", - дешет окумуштуулар.

Буга негизги себеп катары мектепте рэкеттик жана абак субмаданиятынын жайылышы, бала тарбиялоонун түркөй аракеттер менен коштолушу, үй-бүлөдө атанын же эненин жоктугу (толук эмес үй-бүлөлөр), суицид чегине келип калган баланын эч кимге кайрыла албашы, мектеп психологдорунун жетишсиздиги жана алардын чылкый материалисттик көз-караштa болушу сыяктуу чиркешкен себептер кирет. Бул себептерге чара катары үйдүн улуулары айрыкча, ата күнүнө балдарына эң кеминде 20 мүнөт убактысын бөлүүсү өтө маанилүү. Балдар үчүн эбегейсиз чоң жана чечилгис болуп көрүнгөн көйгөй чоң адамдын жардамы менен тез эле чечилип, улууларга болгон ишеними менен сүйүүсүн арттырат. Албетте, бул проблемаларды тоготпоо да туура эмес.

Коомдогу жалпы үмүтсүздүк дагы суицидге алып баруучу негизги себептерден болуп саналат. Коомдо жана үй-бүлөдө өкүм сүргөн жалпы депрессивдүү жана агрессивдүү тенденциялар, "биз (биздин мамлекет) эч качан оңолбойбуз", "булар да болбой калды", "жалган дүйнөдөн өлүп эле кутулбасаң" сыяктуу сөздөр баладагы жашоого болгон негативдүү көзкараштын калыптанышына алып келет. Бара-бара бала өлүмдү гана туура чечим катары көрө баштаашы мүмкүн. Ошондуктан тарбия берип жаткан адам Жараткандын табиятка койгон мыйзамдарын жакшы түшүнүшү керек. Мындан сырткары коомдо, мамлекетте жана дүйнө жүзүндө болуп жаткан кубулуш жана тенденциялардын нугунда болуп, баланын курагына, чөйрөсүнө жана интеллектуалдык деңгээлине жараша кеп-кеңештерин бере алышы зарыл. Мектептеги сынактар сыяктуу катаал деп саналган күндөр адам баласынын тагдырында сейрек эле кездешерин, анан калса, алар адамдын мүнөзү курчутуп, акылды курчутарын эскертип туруш керек экенин адистер айтып келишет.

Адистер дагы бир суициддик себеп катары азыркы ата-энелер менен педагогдордун балдарга өтө жогору талап коюусун жана маалыматты "кынтыксыз чагылдыргандыгы" үчүн гана баа алгандыгын белгилешкен. Мындай талап адилетсиз аракеттер менен коштолгондо, тагыраак айтканда, бир балага "көкүрөк кучук", башкасына "барынан жогу" катары мамиле кылынганда ого бетер оорлошот. Ушундан улам, биздин министирликтин аталышына бир гана билим берүү эмес, тарбия берүү деген сөз жана маани да кошулуп, мектепте бир гана билим үчүн эмес, тарбия үчүн да баа берүү зарылдыгы туулгандай.

## Ыйманга байланыштуу маселелер

Жин-шайтан, албарсты, үйдүн же бир чөлкөмдүн ээси, азыткы, жез тумшук, жалгыз аяк ж.б.у.с. көбүбүз көрбөгөн, бирок далай уккан нерселер азгырып, адамдын жанын кыюуга себеп болушу мүмкүн. Анткени жалпы коомдун адал-арам, туура-натуура, кирлик-тазалык маселесинде толук билим жок. Жакында эле тааныштарыбыздын 1-класстагы уулун адам кебетесиндеги эки жин шифоньердин ичине кирип асылууга азгырган. Үйүңүздүн жанындагы мечитке барсаңыз мындай окуянын далайына күбө болосуз. Бул албетте массалык психоз эмес, адамдарга Жаратканын таануу үчүн сунулган дагы бир себептерден. Эгер бул айтылгандарга ишенбегендер болсо Гогольдун "Диканькадагы хутор кечелери" (Вечера на хуторе близ Диканьки), Островскийдин "Жиндер" (Бесы), Есениндин "Кара киши" (Черный человек), Булгаковдун "Мастер жана Маргарита" (Мастер и Маргарита) чыгармаларын жана албетте, "Манас" эпосубузду жакшыраак окуп чыксак болот.

Буга статистика дагы бир далил сунат: суициддин 48% белгисиз себептерден улам ишке ашса, дагы 18%ы психологиялык оорулардын айынан жүзөгө ашары айтылып келет. Демек 66% адамдын өз жанын кыюусуна жогоруда айтылган далил толук себеп болушу мүмкүн. Ушундан улам Ушинский айткандай, адамды ар тараптан изилдеп, ошого караша тарбия берүү туура болчудай. Анткени материалисттик идеология 20-кылымда бурмалоо жолу менен табылып, күч менен таңууланган идеология экени азыр айдан ачык далилденип отурат. Ошондуктан динибиздин негизги булактары болгон Куран менен хадистерде келген дубаларды жаттап, алар менен сактанууну ар бир жаныбыз эсине түйүп койсо жаман болбочудай.



## Корутунду, же коом менен мамлекеттин милдеттери

– психолог жана педагогдорду Ислам дининин адам, үй-бүлө, билим жана тарбияга болгон көз карашы менен тааныштыруу,

– Манас эпосубуздун (Бүбү Марьямдын вариантын эмес) баалуулуктарын билим берүү структураларынын бардык тармактарында окутуу,

– жамааттык дубалардын кылынышы (түлөө өткөрүү, курмандык чалуу сыяктуу),

– суицид боюнча социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү,

– маселенин мамлекеттик деңгээлде каралышы жана коомдун бардык мүмкүнчүлүктөрүн жапырт көтөрүү,

– балдарга жардам берүү үчүн адистердин ыкчам бригадаларын түзүү,

– балдарга зулумдук кылган адамдардын кылмыш иштерин аягына чыгаруу,

– үй-бүлөлүк көйгөйү бар өспүрүмдөрдү убактылуу жайларга жайгаштырып, үй-бүлө конфликти бышып жетилип бараткanda кандай аракет кылыш керектигин үйрөтүү,

– теологиялык илими бар педагогдордун ата-эне жана балдарга туруктуу сабак берүүлөрүн мамлекет тарабынан каржылоо,

– жаштарга кумир боло алчу адамдар, үлгүлүү үй-бүлөлөр тууралуу фильмдер тартылып көргөзүлүшү жана каармандары менен чыгармачылык кечелерин уюштуруу,

– окуу жайларда жана аскердик бөлүктөрдө атайын психологиялык кабинеттерди уюштуруу,

– суициддeн арылуу темасында кызыктуу китептердин жазылышы,

– жогорудагы иш-чаралардын ММК аркылуу кеңири чагылдырылышы.

Кыскасы, суицидди чечим катары көргөзгөн бардык нерселердин баалуулугун, кызыктыруучу коомдугун жокко чыгаруу керек. Адамдарга жана жаш муунга өлүм бул жашоонун бүтүшү эмес, тескерисинче, чыныгы жашоонун башталышы экенин, тагырак айтканда, акырет түшүнүгүн берүү өтө зарыл.

ЭСЕН ЫРЫСКЕЛДИ

# Дүйнөнү (тымызын?) башкарам дегендер

**Давосто өткөн экономикалык форумдун жүрүшүндө дүйнөнүн жакынкы 5 жылдыкта эбегейсиз өзгөрүүлөр күтүп турганы белгилүү болду. Жакында дүйнөнү ким башкарат? Жаштарбы, аялдарбы, террорчуларбы же тымызын күчтөрбү?**

## Давос шаарчасынын арифметикасы

Жакында Швейцариянын Давос шаарчасында жылда боло келген Дүйнөлүк экономикалык форум (ДЭФ) өттү. Анда көтөрүлгөн маселелер боюнча пикир айтам, талкууга катышам деген адамдардын саны 10 миңге жакындаганы айтылды. Бул форумга негизинен окумуштуулар, уюм жетекчилери жана айрыкча экономика чөйрөсүндө алдыңкылар катышып келет. Мындан сырткары, жаңы доордо жаңы кадамдарды таштап, жаңылануу көрсөтө алган өлкөлөрдүн лидерлери да чакырылган. Алдын-ала кайрылуу аркылуу катышуу төлөмү бир кишиге 20 000 евро болсо, расмий уюмдар 100 000 евроого чейин чыгарышы керек. Андан сырткары жол, мейманкана жана тамак-аш чыгымы өз чөнтөгүнөн чыгат. Быйыл Давоско 40 мамлекет башчысы жана 2,5 миң бизнесмен катышты. Бирок, мейманкалар менен башка кызматтарга алдын-ала буйуртма берип, турак-жайды шаарчанын чет жактарынан ижарага алып, форумдун иш-чараларына коомдук транспорт менен барып-келүү менен каражатын үнөмдөп катышкан адамдар да жок эмес. Чындыгында Давостун туруктуу тургундары 30 миң болсо, экономикалык форум өткөн күндөрү калктын саны 50 миңден ашып кетет.

## Окумуштууларды чочуткан роботтор

Быйылкы Давостун темасы «4-индустриалдык ыңкылаптын лидерлери» деп аталган. Анткени менен адамзат төртүнчү доорго жеттик деп кубангандын ордуна, терең ойлонуусу керек болуп калды. Айтмакчы, буга чейин биринчи ыңкылап «агрардык» деп аталса, экинчиси «өндүрүштүк» деп, үчүнчүсү «маалыматтык ыңкылап» деп белгиленген. Биз ошол маалыматтык доордобуз деп ойлоп жүрсөк, дүйнө окумуштуулары «жасалма аң-сезимдин доору» делген төртүнчү индустриалдык ыңкылапты жар салып койду. Быйыл Давосто жар салынган бул ыңкылап бизге анча билинбегени менен, тарыхий бурулуш маалында жашап атканыбыз белгилүү болуп калды. Айтмакчы, бул ыңкылап даамдуу жемиштери менен бирге экономикалык, саясий жана коомдук көйгөйлөрдү да алып келери айтылууда. 1971-жылы түзүлгөндөн бери Давос форумун жетектеп келген Клаус Шваб «Нью-Йорк Таймс» (The New York Times) гезитине берген маегинде: «Роботторду башкарууну кааласак, адамдык сапаттарыбызда бекем болуубуз керек. Себеби, адамдын мээси, руху жана жүрөгү бар. Ошондуктан акыл менен ойлонуп, жүрөк менен сезип, рух менен ой жана сезимдердин тең салмактуулугун сактай алышыбыз керек», – деп учурдун эки багыттуу тарабын белгилеген. Айткандай эле, эгер биз эркибизди колдонуу менен инсандык баалуулуктарыбызды сактап кала албасак, жасалма аң-сезим (искусственный интеллект) туура эмес колдонулуп кетүү да коркунучу бар. Ошентип, жаңы доор жаңы маселелери жана жаңы көйгөйлөрү менен кошо келүүдө. Эгер алардын алдын албасак, инсандыктан чыгып, айбандык инстинкттерге алдырып жиберүү ыктымалы бар. Натыйжада жаңы доор сунуп жаткан мүмкүнчүлүктөрдүн кайсы бир кооптуу жактарынан алыс туруп, эң жакшы тараптарын пайдалануубуз жана пайдаланууга даяр болуубуз керек. Анткени бул экономикалык форумдун катышуучулары 5-10 жыл ичинде эле азыркы адамдар жасап аткан иштердин 60%ын роботтор аткара баштайт деп бир ооздон айтып өтүштү. Ушундан улам адамдардын бош убактысынын арбуусу эң негизги коркунуч деп божомолдоп атышат. Мурунку кылымдын 70-жылдары эле Тойнби «Шок» аттуу китебинде «адамдар технологиянын өнүгүүсүнөн улам пайда болгон бош убактысын инсандык сапаттарын жогорулатуу үчүн пайдаланбаса, адамзаттын кыяматын даярдашат» деп жазган. Айткандай эле бүгүнкү күнү жаңы технологиялар күнүмдүк жашоого өтө тез аралашууда. Ошондуктан жаңы муунду окутуунун жана тарбиялоонун салттуу түрлөрү жакын арада талкууга алынып, толугу жаңы доорго ылайык өзгөрүлөт деп айтылды. Мисалы, ошол эле билим булагына жетүү кыйла жеңилдигендиктен билим берүүнүн мөөнөтү, формасы жана усулдары толугу менен өзгөрүү алдында турат.

## Баарынын оюнан чыкпаган Кытай

Жасалма интеллект негизги тема болгону менен форумдун жалпы убактысынын 25%ын гана ээледи. Давосто глобалдуу көйгөйлөр, анын башында дүйнө экономикасы кызуу талкууланды. Глобалдуу экономиканын басаңдоосу жана жергиликтүү (локалдуу) экономикалардын кризиске кабылуусу кепке алынды. Локалдуу кризистер дүйнөлүк экономикалык кризиске себеп болуп калбайбы деген чочулоолор болуп, мунайдын арзандоосунан улам пайда болгон экономикалык кризис жана анын айрыкча, Орусия, Сауд Аравиясы менен Иранга тийгизген таасирлери каралды. Форум эң чоң көңүл бурган өлкө албетте Кытай болду. Буга чейин Кытай экономикасы өндүрүшкө багытталып, сырткы базарларга мелженген болсо, эми ал ички базарга кызмат көрсөтүү тарабына ооп бараткан жана сырткы экономикалык факторлорго көз карандылыгынан алыстагысы келип жатканы билинген. Жорж Сорос «Bloomberg» агенттигине берген маегинде: «Кытай бир партиялык саясий түзүлүшү менен мындан да эркин экономика кургусу келет. Бул экөө бир учурда болбой турган нерсе», – деп айткан. Серепчилер да эркин экономикалуу өлкөлөр алдыга чыгып атканын белгилеп, авторитардык башкаруудагы мамлекеттер жумшаруу жолуна баратат деп жоромолдошкон. Ошондуктан демократиялык түзүлүш экономиканын өнүгүүсүнө түздөн-түз оң таасирин тийгизери айдан-ачык болду.


Канаданын жылдыздуу премьер-министри Жастин Трюдо

## Аялзаты менен атак алган канадалык премьер

Давос форумунда аялдардын тең укуктуулук (гендер) маселелери да кеңири каралып, Канада үлгүлүү өлкө катары сөзгө алынды. Канада эң жаш, жылдыздуу премьер-министри жана министрлеринин жарымы айымдар болуусу менен айырмаланат. Жылдыздуу премьери Жастин Трюдо Канада мунай кору боюнча дүйнөдө экинчи өлкө болгонуна карабай, экономикасын түрдүү тармактарда өнүктүрүп, мунайга байланып калуудан алыс болгонун айтуу менен баарынын көңүлүн бурду. Мындан сырткары, анын аялзатын саясат менен бизнес башчылыгына келүүсүн колдогон сөздөрү, «Баламдын феминист болуп чоңоюусун каалайм» дегени көпчүлүктү таң калтырды. Чынында Канаданын өкмөт башчысы коомдогу бардык тайпага жана топторго бирдей мамиле кылуу менен айырмаланат. Ал акыркы шайлоодо мечитке барып дуба кылганы, премьер болгон соң Канадага Жакынкы Чыгыштан учуп келген качкындарды жеке өзү тосуп чыкканы менен да белгилүү болгон. Анын министрлер кабинетинде ар улуттун, ар башка диндин өкүлдөрү бар. Мындай лидердин Давоско чакырылуусу уюштуруучулардын Жастин Трюдонун жогорудагы өзгөчөлүктөрүн баалап, дүйнөгө үлгү катары сунгулары келип жатканын айгинелеп турат.

### Эң керектүү 10 жөндөм

**2020-жылы**
1. Көйгөйлөрдү тобу менен чечүү
2. Сынчыл ой жүгүртүү (Критическое мышление)
3. Чыгармачылык (Креативдүүлүк)
4. Кызматкерлерди башкара билүү
5. Башкалар менен ыкташуу
6. Сезимдерди аңдап, аларды башкара билүү
7. Чечимдерди ойлонуп кабыл алуу
8. Кызматтарды багыттоо
9. Сүйлөшүүлөр
10. Бир убакта ар тараптуу нерселерди ойлоно билүү

**2015-жылы**
1. Көйгөйлөрдү тобу менен чечүү
2. Башкалар менен ыкташуу
3. Кызматкерлерди башкара билүү
4. Сынчыл ой жүгүртүү
5. Сүйлөшүүлөр
6. Сапатты көзөмөлдөө
7. Кызматтарды багыттоо
8. Чечимдерди ойлонуп кабыл алуу
9. Адамды түшүнүп угуу
10. Чыгармачылык (Креативдүүлүк)

Булак: Дүйнөлүк экономикалык форумдагы "Келечектеги жумуш" программасынын отчету

## Дин террорчулуктун себеби эмес


Жакында эл аралык экономикалык кысымдан (эмбарго) чыккан Иран өзүн тынчтыкты ыктаган, кагылышуулардан алыс, адамгерчиликти туу туткан өлкө катары суна алганын кеп кылышууда. Албетте, Иран Иракта, Сирияда, Йеменде, Бахрейнде жана Ливандагы согуш аракеттеринде жарым-жартылай активдүү саясат жасап жатканын Давосто жаап-жашырып, дипломатиялык чеберчилигин дагы бир жолу ийгиликтүү колдонуу менен, өзүнүн саясатын жагымдуу суна алды. Форум жүрүшүндө Иран маселесине туташ эле экстремизм жана террорчулук, суннийлер менен шииттер маселеси да каралды. Христиан динин тутунгандардын, сунний жана шиит багытындагы баяндамачылардын баары күч колдонууга, адам өлтүрүүгө, маданий баалуулуктарды талкалап жок кылууга каршы болгондуктарын бир ооздон айтышты. Алар бул кагылышуулар көбүнчө саясий-экономикалык себептерге байланыштуу экенин, террорчулук негизги себеп эмес, башка көйгөйлөрдүн натыйжасы болгондугун, ошондуктан мунун түпкү себептери менен күрөшүү керектигин баса белгилешти. Буга байланыштуу жолугушууларда демократиялык баалуулуктарды жайылтуу буга чейин диний аталып келген экстремизм жана террорчулукту алдын алчу эң негизги фактор катары каралды. Жумушсуздук, аял укугунун корголбоосу, азчылыктарга терс мамиле кылуу, жалпы адилетсиздик, ачык-айкындыктын жоктугу, жемкордук (коррупция), сөз эркиндиги менен пикир алышуунун жоктугу террорчулукка түрткөн себептер катары каралды.

## Кыргызстандын Давостогу келечеги

Дүйнөнүн бардык олуттуу маселелери каралып, күндемдери белгиленген Давосто Кыргызстан да болушу керек эле. Биз жакынкы жылдары буга тиешелүү кадамдар тышталат деген үмүттөбүз. Биздин Президент жакында өткөн экология боюнча эл аралык саммитке катышып, дүйнөлүк башка иш-чараларга да дайыма чакырылып келгенин билебиз. Эми биз Давоско эмнебиз менен кызыкпыз, кандай артыкчылыгыбыз бар? Биз Орто Азиядагы бирден-бир чыныгы парламенттик башкаруу системасына ээ, сөз эркиндиги жана эл менен бийлик ортосундагы активдүү диалогу бар, дүйнө талап кылган универсалдуу демократиялык баалуулуктарга бай, көчмөн маданиятынын салты менен спорттук оюндарын калыпка сала алган өлкө катары Евразиянын жаркыраган жылдызы болуп калуу мүмкүнчүлүгүнө ээбиз. Мына ушул сапаттарды колдонуу менен Давос сыяктуу эл аралык форумдарга салымыбызды кошсок болот. Ошол эле маалда мамлекетибиз жаңы «акылдуу» технологиянын тез тароосуна даярданып, билим берүүсүн келечектин стандарттарына ылайыктуу өзгөртүп, жалпы дүйнөнүн алдыга жылуусуна активдүү катышуусу керек.

ИСКЕНДЕР ОРМОН

# Сапаттуу сценарий сапаттуу кино



**Бизде ар ким эле жакшы идеям бар кино тарсам болот дей беришет. Бирок, кино тартыш үчүн жакшы окуядан мурун жакшы сценарий керек. Жакшы сценарийди жазуу үчүн үйрөнүш керек. Себеби сценарист дагы өзүнчө кесип**

## 20-30 миң доллар сарпталат

Кинодо эле эмес, башка ар бир кесипте профессионал болуу керек экендигин бардыгыбыз жакшы билебиз. Бирок кыргыз киносунда азырынча чыныгы профессионалдар пайда боло электей. Буга биз көрүп аткан кинолор далил болуп берет. Мен бүгүн баары айтып бүтпөгөн «акча жок» деген сөздү айткым келген жок. Кепти кинонун акчадан алысыраак болгон, эч ким баа бербеген сценарийи жөнүндө айткым келип жатат. Ооба сценарий жазганга да акча керек, бирок кино чөйрөсүндө так ушул сценарийге көңүл бурулбай, техникалык жабдыктарга көбүрөөк көңүл бурулат. Профессионалдык кинокамералар ж.б. техникалык жабдыктардын жетишсиздигинен кинолорубуз начар чыгып атат деген ой болгон үчүн, негизги проблеманы көрбөй калып атабыз. Негизги проблема жакшы сюжеттин жоктугунда. Мисалы, Голливуддун кинолоруна миллиондогон долларлар коротулат. Орточо хронометражы болсо 90–120 мүнөт. Кыргыз киносуна орто эсеп менен 20–30 миң АКШ доллары коротулат. Хронометраж АКШдан бир аз айырмаланып 90–100 мүнөт. Демек, айырма сарпталган акчада гана болуп жатат, кинонун узундугу бирдей. Голливуд миллиондогон долларларга 90 мүнөт, кыргыздар 20–30 миң долларга 90 мүнөт кино тартып жатат. Кеп акчада же техникалык мүмкүнчүлүктөрдө эмес экенин ушул жерден көрсөк болот.

Кинонун башталышы камерада эмес, актердо да эмес. Кинонун башталышы окуяда. Окуяны болсо сценарист ойлоп чыгат. Ар бир адамда ар кандай ойлор, идеялар болушу мүмкүн. Ар бир адам окуя ойлоп чыгып, кино тартып коём деп ойлойт. Өзүм эле кыйратам деп сценарийди өзүлөрү жазып, ошо боюнча кино тарта баштайт. Бирок жакшы идеясы болгондун баары эле сценарист боло албайт да. «Сценарист» деген өзүнчө бир кесип. Бул кесипти да башкалардай эле окуп, үйрөнүп чыгыш керек. А бизде ага эч ким көңүл бурбайт. Кыргыз кинолорунун начар сапаты так ушул жерге келип такалат. Дагы бир маселе, сценаристтерге өтө аз акча төлөнгөндүктөн, жалгыз сценарий менен гана акча таап жан багам деген киши жок. Сценарий жазуудан башка дагы жумуш болуш керек. Ошентип анын көңүлү ар кайсыга алагды болуп, концентрация жоголот. Натыйжада сценаристтин иши албетте чала-бучук аткарылып, талапка жооп бербей калат.

## Оңой акчага баары кызыгат

Бүгүнкү күнгө чейин чыккан кинолордун көбүн эстеп кала алган жокпуз. Бирок «Салам Нью-Йорк», «Биртууганчик» сыяктуу көпчүлүктөн суурулуп чыккан кинолор эсте калды. Бул кинолордун ийгилигинин биринчи себеби оригиналдуу сюжетинде жана жандуулугунда. Кино көрүп жатканда өзүбүздү каарманга салыштырып, кошо кайгыртып, кошо сүйүнтө алган образдары бар. Кыскача айтканда, сапаттуу сценарийи бар. Так ушул эки кинонун ийгилиги, көпчүлүктү шыктандырып, киноиндустрияга азгырат. Алардын тапкан акчасын, жетишкен ийгилигин көрүп бардыгы оңой акча таап алгысы келет. Бирок, тилекке каршы, андай жеңил ойлуулар сценарий жазганды билбегендиктен, кинолору банкротко учурап, жок болот. Ошондуктан кино тартып баштаардан мурун, эң биринчи сценарийге көңүл бурулса. Анын үстүнөн көп-көп иштелсе азыркы кыргыз киносундагы абал болбойт эле.

Бул проблема жалгыз сценаристтерде эле эмес, киноиндустриянын бардык тармактарында кездешет. Бирок ушинтип өзүбүздү жемелеп, жамандай берген да туура эмес. Анткени кыргыз киносунда деле чыныгы профессионал болууга умтулган жаштарды кездештирсең болот. Башыбыздан ар түрдүү каталарды өткөрүп жүрүп, акырындан профессионалдуу иш жүргүзгөндү үйрөнө баштадык. Ошондуктан ар ким өзүнүн жумушуна жоопкерчилик менен мамиле кылып, каражат жок, техника жок дебей, колунан келген аракетин кылса, кино алдыга жылып өнүгө берет.

## Киришүү, өзөк жана натыйжа

Негизи сценаристтердин пикири ар дайым окшош боло бербейт. «Жакшы сценарий кандай жазылат» деген суроого ар бир сценарист ар кандай жооп бериши мүмкүн. Ар биринин өзүнө таандык көз караштары, өзүнө таандык методдору бар. Мисалы, сценаристтердин бир бөлүгү бул кесипти илим катары баалап, кандайдыр бир эрежелерге салганга аракет кылса, экинчи бөлүгү аны чыгармачылык катары санайт да, эч бир формулага, эч бир эрежеге чектелбей, эркин иштеш керек экениин айтышат. Чындыгында эле чыгармачылык чыгармачылык. Анда эч кандай чек жок. Өзүң каалагандай жол менен иштеп, жада калса, өзүңө жаккандай жаңы эрежелерди да ойлоп чыксаң болот. Бирок, бул пикирди да туура кабыл алганды билиш керек. Эрежеден такыр чыкпай койгон да, же эрежелерди такыр эле четке кагып салган да туура эмес. Негизгиси ар бир сценирист өз деңгээлине, өз дараметине жараша иштегени оң.

Сценарийдин эң башкы эрежеси «үч бөлүктүү түзүлүш» болуп эсептелет. Башкача айтканда, сценарийде киришүү, өзөк жана натыйжа белгилүү болуш керек. Мына ушул негизги эрежени сценаристтикке жаңыдан киришкендер бекем кармангананы оң. Качан ал бышып жетилип, белгилүү бир даражага келгенден кийин тажрыйбасына жараша эрежелерден чыгып, эркин иштегенди үйрөнөт.

Анткени менен биздин азыркы киночулардын арасында чыныгы сценарий генийлери жок болгондуктан, жок дегенде ошол «үч бөлүктүү түзүлүш» эрежесин жакшылап үйрөнүп алгандары оң. Тилекке каршы, биздин кинолордо эң маанилүү жана эң жөнөкөй делген ушул эреже да колдонулбайт.

## Интернетте эрежелер бар

Баса, сценарий жазууда жогоруда айтылган эрежеден да маанилүүсү нерсе бар. Ал кинонун каарманы. Муну эч качан эстен чыгарбашыбыз керек! Эгер каарман болбосо окуя да болбойт. Айтkandай эле кыргыз кинолорундагы эң маанилүү маселелердин бири так ошол кызыктуу жана күчтүү каармандын жоктугу. Кызыктуу каарманды тапкандан кийин, ага кызыктуу конфликттерди, күчтүү терс каарманды жана максаттарды ойлоп чыгыш керек. Күчтүү каарман татаал конфликтерди чечип, алдынан чыккан душманын жеңип, өз максатына өжөрлүк, тайманбастык менен жетсе, анда ал көрөрмандын көңүлүн өзүнө тарта алат. Мисалы, Салам Нью-Йоркто Баатыр Колумбиялык университетте окуусу, кыйын юрист болууну көздөйт. Бул анын максаты. Бирок так ошол бөтөн жерде жүргөнүнө карабай, ал такыр тил билбейт. Жадакалса, жата турчу жайы да, жашаганга акчасы да жок калат. Мына бул болсо конфликт. Анткени менен Баатыр кыялкеч жана өжөр жигит. Башына түшкөн ошончо кыйынчылыктарга карабай, өз максатына жетти. А бул болсо анын күчтүү каарман экенин билдирет.

Мына ушул сценарийдин эң маанилүү жана эң жөнөкөй эрежеси. Чынында дагы көптөгөн эрежелерди айтып отурсак болот. Бирок кино дүйнөсүнө кадам таштап, киносценарист болууну көздөгөн адам азырынча ушул эрежелерди эле өздөштүрүп, ушундан эле баштай турганы оң. Бүгүнкү күнү биздин багыбызга интернетте сценарий жазуу жөнүндө көптөгөн материалдар бар. Ошол жактан жакшылап изилдеп үйрөнүп, өз ишибизди жакшылап өздөштүрсөк баары сонун болмок. Анткени менен бизде мына ошону үйрөнгүсү келбегендер да, изденбегендер да өтө көп. Ар ким өзүнүн идеясын уникалдуу сезип, адистер менен пикир бөлүшүп, талкуулап албай кино тартууга киришет да, аягында сапаты жок кинолор тартылат. Натыйжада, мындай проблеммаларды жокко чыгарыш үчүн, ар бир кесиптин ээсине өздүк талаптарын бийиктетип, өз ишине жоопкерчиликтүү мамиле кылышын жана профессионал болушун сунуштайм.

ЖАНДАРБИЕВ КЕРКУДУК

# 40 жаштамын, үйлөнбөй эле койсом болобу?



Атактуу аалым, кызыл тилдүү чечен Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу 0773-61-54-87 номуруна жибериңиздер!

**1) Тамеки сатып иштесем күнөө болобу? Башка жумуш табалбадым.**

**Жооп:** Тамеки сатып иштөө макүрөө амал. Арам деп айтуу бир аз оор.

**2) Үй-бүлөңүзгө жана жүрөгүңүзгө тынчтык. Мен бир кыз менен таанышкам, бирок анын динден кабары жок экен. Кантип динге алып келсем болот?**

*Каракол, Кубан.*

**Жооп:** Атайын аялдар үчүн таалим жыйындарына жибер. Аялдарга арналган баяндарга каттоосуна себеп бол. Эң негизгиси дубада болсоң, баары жайына келет. Анан да эске ала турган жагдай, сен өзүңдү мусулман жигиттеринин адеби менен көрсөт. Болбосо, аны таптакыр жийиркентип алсаң, динден алыстоосуна себеп болуп каласың. Кудайым жакшылыктарын сага, анан ага ыроологон болсун!

**3) "Жахаба" күбөлөрү деген кимдер? Бир досум ушул топко кирип кетиптир.**

**Жооп:** Алар мусулман эмес, каапыр жамааттарга кошулат. Жаңы чыккан диний топтор. Аларга кулак салуунун, алар менен катташуунун кереги жок. Кудайым сактасын. Досуңузга айтыңыз, акыреттен үмүтү болсо, ал сектадан чыксын!

**4) Ачуу үстүндө аялыма 3 талак деп айтып алдым. Аялымдан кечирим сурадым, жашасак болобу?**

**Жооп:** Талак маселесин тактоо үчүн жубайлар менен чогуу бирге маселенин чоо-жайын тактоо керек. Ошондо гана тагыраак жана чындыкка жакыныраак жооп чыгат. Жакын жердеги аалымдарга кайрылсаңар жакшы болот.

**5) Жумушта азан жакшы угулбайт. Намаз убагы келгенде, өзүнчө азан айтпай эле окуй берсе болобу?**

*Равшан.*

**Жооп:** Жарай берет. Бирок, өзүңүзгө жетээрлик мыкдар-өлчөмдө айтып алсаңыз дагы бир сүннөттүн сообуна ээ болгон болор элеңиз.

**6) Намаз окуюн десем, апам каршы болуп жатат. Эмне кылсам болот, устаз?**

**Жооп:** Намаз окуу үчүн эч бир адамдын уруксаты керек эмес, берекем. Намазыңды оку, апаңды сыйла. Бейиш эненин таман астында.

**7) Аллах пенделерди өзүнө ибадат кылуу үчүн жаратkan экен. Өзүнө ибадат кылдырып эмне кылат, себеби эмне?**

*Нарын, Мирлан.*

**Жооп:** Мунун жообун ирети менен төмөнкүдөй айтсак болот.

- Кудай Таалам өз каалоосу менен бейиш жана тозокту жаратты.
- Ошол бейиш жана тозокко адамдарды адилеттүү бөлүү үчүн сыноо майданы катары бул жалган ааламды, биз жашап жаткан дүйнөнү жүзөгө ашырды.
- Сыноо максатында бизге өзүнө ибадат кылууну буйруду.
- Ибадат аткаргандар бейишке, аткарбагандар тозокко татыктуу болушту.
- Ибадат аткаргандар бейишке кирүүдөн мурда, мына ушул убактылуу дүйнөдө да бактылуу болушат. Анткени Алла Таалам пенделеринин бактылуу болуусун каалайт. Бул Кудай Тааламдын айкөлдүгүн билдирет.
- Ибадат аткарбагандар тозокко түшүүдөн мурда, мына ушул убактылуу дүйнөдө да жашоонун азаптарына, жан-дүйнө тозогуна кириптер болуп, бактысыз болушат. Алла Таала пенделеринин бактысыз болуусун каалабайт. А бирок, пендеси өзү ошол бейтаалай жолду тандап алгандыктан Кудай Таалам анын бактысыз жолго түшүүсүн тагдырына жазат. Бул Кудай Тааламдын адилеттүүлүгүн баяндайт.
- Мунун баары Кудайдын каалоосу. Ал Заттан кайсы бир ишти эмне үчүн кылдың деп суралбайт. Балким, ал бардыгынан, бүткүл макулуктарынан эмне үчүн мага ибадат кылган жоксуңар деп сурайт. Анткени ал Жаратуучу. Биз болсо Анын жаратылган макулуктарыбыз.
- Бул маселеде куру чечендиктин кереги жок.
- Бул жооп да канааттандырбаса, анда акыретте Кудайдын өзүнөн сурап алуу эле калат. Бирок, маселе ага чейин созулбайт, акыреттин алгачкы убактысында, жан алгыч периште келгенде бардыгы бардыгына түшүнүктүү болуп калат.

**8) Ассалааму алейкум! Мен банкта программист болуп иштеймин. Сүткорлукка себепчи болуп калбаймбы?**

*Ош, Асылбек.*

**Жооп:** Ооба, шерик болуп каласыз. Колуңуздан келишинче адал жумуш табуунун аракетинде болуңуз.

**9) Кыргызстанда көптөгөн пирлер болот эмеспи. Ошолор Аллага шерик кошкон болбойбу?**

**Жооп:** Кайсы пир бар болду экен Кыргызстанда? Мен укпаптырмын! Деги эле пир деген ким? Устаз, мугалим, тарбиячы деген эле сөз. Адамдарга, тагыраагы, шакирттерине такыба жолуна түшүү сабактарын үйрөткөн устат. Башка нерсени түшүнүүнүн кереги жок. Тасаввуфту туура эмес түшүнүүнү каалаган кээ бир адамдар ширк деп айта беришет. Ага маани берүүнүн кереги жок.

Туура, кээ бир пир болумуш болуп адамдардын башын айландырып, динди ырыскы табуунун булагы катары карап алган акмактар да бар. Аларга Кудай Таалам ылайыктуу жазасын берген болсун!

**10) Ислам дини 73 агымга бөлүнөт экен. Ошонун ичинен бирөөсү гана туура деп айтылат. Ошол бирөөсүнүн ичине 4 масхап тең киреби же бирөөсү элеби?**

*Манас*

**Жооп:** Ошол туура агым, туура жамаат Ахлу сунна жамааты болуп эсептелет. Төрт мазхабтын бардыгы ошол Ахлу суннага кирет. Кыргызстандагы шиитер, агаханий-исмаилиттер жана ахмадийлерден башка жамааттардын баары Ахлу суннага кирет.

**11. Жолдошум менен ажырашып жүрүп 15 жылдан кийин кайра жараштым. Азыр неберелүү болуп калдык. Иште десем иштебейт, туугандар менен катташтырбайт. Сен өзүң келгенсиң, иште деп кайра мага айтат. Кеңешиңизди бериңизчи, устаз?**

**Жооп:** Сабыр кылыңыз дейт элем. Кээ бир адамдар жалгыз жашагандан зеригип ит деле багып алат экен го. Сиз адам багып жатыпсыз. Иштеп бага бериңиз, итчелик болуп кароолчулук кылганга жарап калаар. Адам илгери үмүт менен жашайт эмеспи... Ал эми туугандар менен катташтырбаганы албетте, натуура. Бул кылганы да, жогорудагы жоругу да Кудайга жакпайт.

**12) Атам кредиттин күнөө экенин билбей, бизди кредит менен чоңойтту. Эми ал күнөөкөр болбойбу? 22 жаштамын. Үйлөнөм деп ата-энеме айталбай жатам. Кантсем болот?**

**Жооп:** Ар ким кылганына өзү жооп берет. Күнөө экенин билбей калса, күнөөсү жок болуп калбайт.

Үйлөнөм деп айталбасаң, илгертен келе жаткан салт бар, атаңдын кепичине жүгөрүнүн сотосун салып кой. Акылдуу адам баамдап алат. Аны да баамдабаса, атаңдын досторуна айт, ошолор айтсын!

**13) Агам токко тартылып өлгөн. Ошондо ал шейит болгон болобу?**

**Жооп:** Кайсы ниетте тартылып өлгөнүнө каралат. Кудай Тааламдын сөзү бардыгынан жогору болсун деген максаты болсо шейит болоруна шегим жок. Ал эми башка болсо, анда башка.

**14) "Сетевой маркетингде" иштесе болобу?**

**Жооп:** Мунун кыргызчасы кантип айтылар экен? Иштөө тартибине жараша жооп болуусу керек. Тагыраак баяндасаңыз толугураак жооп болоор эле.

**15) Түштүк жакта "ак кечүү" деген нерсе бар экен. Эгер аял-эркек ак кечишпесе сооп жазылбайт дейт. Бул нерсе шариатта барбы?**

**Жооп:** Мен билгенден бул сыяктуу жорук Лейлекте гана бар. Бул нерсе шариатта жок.

**16) 40 жашка жакындап калдым, үйлөнө элекмин. Үйлөнбөй эле койсом болобу?**

**Жооп:** Кой антпе! Жалгыздык Жаратканга гана жарашат. Үйлөнүү сүннөт.

**17) Агам ичкиликке берилип кетти. Үй-бүлөсүн да карабай калды. Акча алса эле ичип келет. Ошондо акча бергендин акыбалы не болот?**

**Жооп:** Арак ичкенге акча берген, арак ичкен менен бирдей күнөөгө шерик болот.

**18) Суу жок болуп калса карды эритип даарат алууга милдеттүүбүзбү, же таямум кылабызбы? Таямум кылганда карга колду уруп таямум кылса болобу? Топурак табуу кыйын, Сибирде иштейбиз.**

**Жооп:** Карды эритүү кыйынчылык туудурса, же суук болгону үчүн суу менен даарат алуу оор болсо, таяммум кылса болот. Таяммум жер жынысынан болгон ар бир нерсеге жарай берет. Мисалы күйүп күл болбогон нерсенин баары, мрамор, акиташ, кум, топурак, таш, кесек ж.б.лар. Такыр болбосо өзүңөр менен бирге алакандай болгон жука ташты алып алсаңар деле болот. Карга таяммум кылынбайт.

**19) Жолдошум мага ишенбей, ар дайым куран карматып, ата-энемдин атын айттырып карганта берет. Анан карганып чындыкты айтсам күнөө болбойбу?**

**Жооп:** Чындыкты айтсаңыз күнөө болбойт. Жолдошуңузга Кудайым ынсап берсин.

**20) Адашкан агымдар дегенде, анын амалы айтылабы же акыйдасыбы?**

**Жооп:** Адатта, адашкан агымдар дегенде акыйдага байланыштуу айтылат.

**21) Алинур деген ысымды сөзсүз өзгөртүү керекпи, устаз?**

**Жооп:** Нурмухаммад деген ысым, Мухаммад пайгамбарыбыз алып келген илимди таратып, ошол кишинин пайгамбарлык вазийпасы аркылуу аалымдык мураскерликти алсын, ошол макамга ылайык болсун деген мааниге жетелесе, Нурулло деген ысым Алла Тааланын шариатына амал кылып, Кудайдын сүйүктүү пенделеринен болсун деген түшүнүктү тартуулайт. Ал эми Алинур, Нурали, Үмөтаалы, Алиакбар, Акбарали, Аскарали, Алиаскар деген ысымдардын баары Азирети Алиге кудайлык же пайгамбарлык макамды ыйгарган, адашкан шия агымдарынын кээ бир бузуку ишенимдерине барып такалат. Демек, бул ысымдарды өзгөртүү керек. Же жөн гана Алий деп койсо да жарай берет. Пайгамбарыбыз алайхис салам мааниси ыңгайсыз жана жарамсыз болгон ысымдарды өзгөрткөн.

**22) Мен намаз окуп, узун кийинип жүрөм. Кайненем жаман жүрөсүң деп жаман сөздөр менен тилдейт. Анын каргышы өтпөйбү мага?**

**Жооп:** Жок, каргышы өтпөйт. Кайненеңизге дуба кылыңыз. Сиз билген акыйкатты билсе, антип айтпас эле. Ким диндин талабына жараша жакшы кийинип жүрсө, ал адамды Кудайым жакшы көрөт. Кудайым жакшы көрсө, калгандарынын жаман көргөнү мааниге ээ эмес.

**23) Урматтуу Чубак ажы! Мен да сиздин окуучуңуз болгум келет. Сизден дин жөнүндө тереңирээк окусам дейм?**

**Жооп:** Ниетиң жакшы экен. Кудайым ниетиңе жеткирсин. Ар шаршемби жана ишембиде КАСИ мечитинде шамдан кийин сабактар болот. Кел, сени күтөбүз.

**24) Сүйүктүү биздин устаз, сиз сыналгылардан көп чыгып сүйлөсөңүз жакшы болор эле. Мисалы: КТР каналынан. Айыл жергесинде ушул каналды көп көрүшөт. Менин атам динди жакшы түшүнбөгөндүктөн, кээде мага каршы чыгып, мечитке баруума да тыюу салып коёт.**

*Урматым менен Элдияр!*

Жооп: Урматтуу Элдияр. Мен ар дүйшөмбүдө "Эхо Манастан" саат 18:00дө бир саат түз эфир, ар шаршембиде АЯНтвдан саат 20:00дө бир саат түз эфир, ар жекшембиде "Марал" радиосунан 19:00дө бир жарым саат түз эфирге чыгам. Ар жума сайын "Сaресеп" гезитине суроолорго жоопторум чыгып турат. Бул гезитке берген жоопторум saresep.kg интернет сайтына да чыгып турат. Ал эми КТРК болсо чыгаргандын ордуна бут тосууга аракет көрүүдө. Кудай Таалам бардыгына тараза.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Тезектен алгыла, тезектен!

Жогорку Данектин данекбаштары адаттагыдай эле жыйналышта отурган. Аңгыча эле сырттан берага Асли Женби чара-чара, үймө-жыйма кылып бир нерселерди көтөрүп кирди. Булоолонуп буусу буркурап турганына караганда өтө сонун тамак окшойт. Баятан көңүлсүз отурган данекбаштар тигил кирген тамактарды көрүп бир заматта дуулдап жиберишти.

- Ой, Асике, мунуңуз эмне? Бештырмакпы я?

- Омэй жыты буркурайт го. Жөргөмүштүн чучугу да бар го тим эле.

- Охх, ата! Эй Асике, сууктап турдук эле жыргаттыңыз го, чиркин! – деп дуулдап эле жатып калышты.

- Туугандар, муну тиги манекбаштар салып жибериптир. Сиздерди даамдап көрүп, жакса мыйзам токуп бергиле деди, - деп жайдаңдай сүйлөдү Асли Женби.

- Көрөлү, көрөлү. Кана, кана?! - деп кудуңдашты беркилер. Жанатан ар кай жерин тырманып, кажынып отурганын да унутуп, жеңдерин түрүнүп эле тамак жемей болушту. Шымаланган кең көкүрөк, кер мурут кумурскалар булоолонгон тамакты ар биринин алдына тарта салды. Артынан бирөө айры-кашыгын таратты.

- Ой бул эмне? Жөргөмүштүн тезегиби? – деди данекбаштын бири чочугандай.


- Омей, ошондой го! Эзилген эле тезек го, кокуй! – деди экинчиси. Бир заматта баары тең элейе калды эле, кайран Асли кепти кайра өзү баштады.

- Ооба, туугандар. Бул так ошол жөргөмүштүн тезеги. Бирок, мунун өтө пайдалуу, табылгыс тамак экенин байкабай жүрүптүрбүз. Жакында эле манекбаштар пайдалуулугун далилдеп, тактап чыгышты. Эми бүгүн силер байкап көрүп, жактырып берсеңер, анан мыйзам чыгарат элек. Мисалы, тиги Орсуяда жөргөмүштүн тезеги өтө көп экенин билесиңер. Башкалар Орсуядан аны кадимкидей эле сатып алышат. А бизге жардам катары бекер эле бермей болушуптур.

- Жо, бирок мунуңуз тезек турбайбы! Муну кантип жесин айланайын! – деп бирөө албууттана кыйкырып жиберди. Бирок, андайларды эч ким деле колдогон жок. Себеби булар илгертен эле убадалашып алышкан. Жогорку данекбаш менен тиги Ак уя тараптан кандай сунуш түшпөсүн хоп деп турушмак. Алгач ошол убада бергендердин мен деген актиптери чыкты.

- Туугандар, - деди ал. – Жок жаман, бок жакшы деген кеп бекер чыккан эмес. Тезек болсо эмне экен?! Ачка отургандан көрө дыңкыя тоюп алабыз. Мына минтип кашыктап жесек болгудай. Минтип айры менен жесе да болот. Жеш керек муну. Даамын карагылачы. Вах-вах!

Ошентип ал алдындагы ысык тезекти бурдап-бурдап сугунуп жиберди. Аны көрүп жолдоштору да жей баштады. Кээ бирөө жийиркенип турса да, көзүм көрбөсө болду дедиби, көзүн чылк жумуп алып бат-баттан оозуна салып, чайнап-чайнабай күрмөп-күрмөп жутту. Кай бири жытына чыдабай мурдун басып алып сугунду. Деги көпчүлүк данекбаш ушундан тезирээк кутулалы дешти окшойт, бир заматта ашапашап жутуп, табагын нары түртүп отуруп калды. А тракция башылар, же ак уяга көбүрөөк көз карандылар анткен да жок. Тим эле ак сөөк болуп, оозуна кичине салып



тамшана чайнап, бири-бирине кыя кесип, кесеге салып сунуп отурушту. Мына анан тамактанып бүткөндөн кийин мактоо башталды бейм.

- Ох-оой, бу тезек деген шумдук турбайбы! Карачы кекиртип атканын. Эми түнү менен уктай албай теминип чыгам го, я? – деди бири карс-карс каткырып.

- Ой, шумдук экен чын эле! Муну сөзсүз кабыл алыш керек. Керек болсо кууруп да жеп көрүш керек. Тез арада добушка коюп, кабыл алалы, - деди дагы бирөө ыктытып отуруп. Бирок, баары эле тезек жебептир. Араларында кээ бир абийири уктатпагандар бар экен. Ошолор эле кыйкырып туруп алды.

- Койгула айланайыңдар! Ит болобуз! Эмне Орсуяда болсо эле жей беришибиз керекпи? Койгула, элге шерменде болобуз! – деди алар. Эми алар деле чын эле мээси жетип кыйкырып атабы, же жөн эле элге көрүнүп калайын деп кыйкырып атабы айтып болбойт. Кептин кыскасы, жалпы данекбаштын баары макул болбой, дуулдап калышты. Ошондо баягы эле жогорку данекбаш кепти алып, абалды минтип жайгарды.

- Эми туугандар, мына бу тезекти баарыбыз эле жедик. Май даамданып, сиңимдүү болуп турарын деле көрдүк. Тигине тигил жакта манекбаштар деле жеди. Бирок, баары бир биз башка элдердей гистапо эмеспиз. Элдин добушун угабыз. Ошондуктан жалпы коомдун талкуусуна салалы. Жагабы, жакпайбы эл өзү чечсин.

Ошону менен жалпы Кумурзстанда уу-дуу башталды. Алгач данекбаштар туш тарапка чаң салып, өздөрү баш болуп, кошоматчылары төш болуп табак-табак тезек жеди. Булоолонтуп салып жеди, сызгырылта кууруп жеди, бууга салып дымдап жеди. Кыскасы, жакшы эле аракет кылды. Бул эми белгилүү да. Кимдендир ушундай буйрук келсе керек. Бирок, канча кылган күндө да, эл деген эл экен. «Тезекти кантип жесин!» «Эми жей элегибиз тезек эле калдыбы!» деп түп көтөрүлө каршы чыгып, ал тургай жакындап келген манекбашын да, данекбашын да тезек менен койгулап куугунга алып жиберишти. Ошондо кумурзстандыктар баары бир болбосун билишти окшойт. Кийинки жыйналышта Асли Женби кайра эле кепти өзү баштады.

- Туугандар, тезек боюнча сунуш киргиздик эле, жалпы эл каршы болду. Ошон үчүн бул мыйзамды азырынча талкуудан алып коё турдук. Азыр болсо дагы бир маселе бар экен. Ошону байкап берсеңер.

Ошону менен нары жакта турган жамдамчы кумурскасына бир нерселерди шыбырады. Анысы чуркап барып эшикти аңырайта ачты эле баягыдай эле булоолонгон табак көтөргөн жигиттер шымалана кирип келишти.

- Туугандар, бул да тигил жогору тараптан келиптир. Муну да даамдап көрүп кабыл алып берсеңер, - деди Асли. Ошону менен укмуштуудай сасык жыты бар табактар данекбаштардын алдына коюла баштады...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

– Балким суу, же жарма ичпейт белеңиз, үйдөн куюп чыгайын, – деди элпек бала лепилдеп.

– Жок, катыгүн! Ичпейм, ичпейм, – деп чочуп кетти мастан. Оюнда бул үйгө кирсе, артынан чоң кишилерден бирөө чыга калабы деп коркту. Бала болсо анын суу дегенде мынча чочуп кеткенин түшүнбөй элейди. Анткени менен ал кемпирден деги эле шек санаган жок. «Суу ичкенде бир жери ооруйт го бечаранын» деп койду өзүнчө тыянак чыгарып.

– Балам, сен элпек, жакшы бала турбайсыңбы. Ата-энең кайда? – деди кемпир акырын сөзгө тартып.

– Алар жумушка кеткен.

– А, жумушка кетиштиби? Үйдө ким бар, байке-эжелериң кайда?

– Алар жок. Мен үйдүн улуусумун, – деди бала саал мактангансып.

– Оо, бир үйдү бага турган баатырмын дебейсиңби? Азамат! Бөбөктөрүңчү, бөбөктөрүң кайда?

– Алар бала бакчада.

– Оп баракелде! Анда сен жалгыз турбайсыңбы ээ? Жалгыздыктан коркпойсуңбу, деги?

– Эмнеден коркот элем? – деди бала ого бетер эрдемсий.

– Ким билет? Балким, мастан кемпир, жез тумшук дегендер келип калаар.

Бала ишенбегенсип быш этип күлүп койду.

– Алар деген жомок да. Чыныгы жашоодо болбойт андайлар.

– А сен кайдан билесиң алардын болоор-болбосун?

Мастан чынында баланын айтканына капа боло түштү. «Мына мен турбаймбы» деп жибере жаздады аз жерден.

– Мына бул китепте алардын баары жомок деп жазылып турат, – деди бала. Мастан мындай жоопту күтпөсө керек. Аз жерден тура кала жаздады. «Катыгүн бул бала мен тууралуу окуп аткан го. Кокус мени таанып калып кишилерге кармап берсе кантем?» деп чочулады ал.

– Эмне жазылып турат? Кантип жазылыптыр? – деди ал арадан зорго карманып. Ошол эле маалда акырын этек башын кымырып, качканга даярдана баштады. Ал тургай «бул шүмшүк бала жөн эле амалданып атат окшойт. Жардамчылары да болсо керек, балким» деп эки жагын сактана каранды. Бирок, анын баарын кичине бала байкаган жок. Ал колундагы китебин ачып, кемпирге карата сунду.

– Мына, муну окусаңыз. Бул жерде мастан кемпир тууралуу жазылган. А бул болсо анын сүрөтү.

Кемпир бала сунган китепти аярлай кармап ичин карады. Мурду ийрейе салаңдаган, тиштери оркойгон, кандайдыр бир шыпырыга минип алып, асманда учуп жүргөн кемпирдин сүрөтү туруптур ачылган бетте.

– Бул кайдагы неме? Мен муну тааныбайм, – деди кемпир жанында турган баланы унутуп калгансып.

– Тааныбайм, дейсизби? Ой, апаке, бул жөн эле сүрөт да. Аны кайдан таанымак элеңиз? – деп кытылдай күлдү бала.

– Ошо да. Бирок, ал мага, ой тиги мастанга такыр окшобойт.

Кемпир эми бала өзүн тааныбаганын билип бир аз жүрөгү тынчтангансыды. Бирок, ошол эле маалда өзүн кайдагы бир сапсыйган немеге окшоштуруп койгонуна таарына түшкөндөй болду. Ичинен кыжыры кайнап «мастан десе эле түрү суук кемпирди ойлошот. Мен деле убагында жапжаш, супсулуу келин болгом» деп ойлонду. Баса, балдар мен силерге айтпай калган турбаймбы. Көрсө, биздин мастан канчалык мастан болгону менен, ал деле өзүнчө жагымдуу болгусу келип, керек болсо өзүн бир укмуштуудай сулуу сезип жүрчү. Бирок, ошол эле маалда ал дегеле күзгүгө карап көргөн эмес. Ошондуктан, өзүнүн өңү так ошол сүрөттөгү кемпирге окшобосо да, андан кем калышпай турганын билген жок. Тек гана сүрөтчүгөбү, же жалпы адамдаргабы, айтор, кимдир бирөөгө капа болуп, таарынып калды.

***(уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР


Чаңгыларды (лыжа) жана сноуборддорду прокатка беребиз. Иш күндөрү 400 сом, дем алыш күндөрү 500 сом 0702 02 32 22 Арашан айылы

Бишкектин Көк-Жар жаңы конушунун тургундары үчүн сонун мүмкүнчүлүк пайда болду. Кичине уул-кыздар үчүн атайын англис, корей тилдерин үйрөтүү борбору ишке кирди. Чамдаңыздар. Толук маалымат алуу үчүн төмөнкү номерге чалыңыз. 0700 32 06 27

"Бактылуулуктун формуласы", "Чексиз нур", **"Риядус салихин"**, "Ыйманга чакыруунун жолдору", "Мусулман аялзаты үчүн зарыл китеп", "Чырпыктан чынарга", "Жаназа" ж.б сонун-сонун китептер. **Мунун баарын "Дил Азык" басма үйүнөн табасыз.** Бишкек шаары, Медеров көчөсү 73. 0771 595 989, 0777 475 185

Калыс-Ордонун баш жагынан 3 бөлмөлүү үй сатылат. 4 сотка жер сатылат. 15 500 доллар. Тел.: 0 778 209 955

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про" 0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44 Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Зер буюмдары дүң баада сатылат. 0 553 77 33 58

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**

Байланыш телефону: 0 (703) 73 82 31

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Бөлүшүп коюуну унутпаңыз, өлкөбүз үчүн чоң салым кошкон болосуз! Whatsapp 0773477055

**"Ыйман" фонду «Калем жана ыйман» жыйнагынын экинчи китебине кире турган чыгармалар үчүн сынак жарыялайт.** Жыйнакка адеп, ыйман, мекенди сүйүү, мээрим, боорукердик, ынтымак, достук, ата-эне, улууга урмат, кичүүгө ызаат темаларын чагылдырган проза жана поэзия жанрындагы көркөм чыгармалар тандалып алынат.

**ЭСКЕРТҮҮ! Буга чейин китеп болуп чыкпаган жана жыйнактарда жарык көргөндөр кабыл алынбайт.**

Чыгармалар 2016-жылдын 1-мартына чейин кабыл алынат.

**Толук маалымат үчүн** Эркиндик бульвары 56 дарегине, же www.iyman.kg сайтына кайрылыңыз. info@iyman.kg, adambololu@gmail.com

**Тел.: 0556625130, 0707272210**

Орус тилинде «Классиктер жана замандаштар» тибиндеги китептер сатылат. Катуу мукаба. Баары 100 сомдон. 0 553 10 30 31


## Азыктар куржуну

Ош базардагы баага салыштырмалуу шекердин баасы 5 сомго кымбаттаса, Казакстандан келген күрүчтөр бираз арзандаган. Калган күнүмдүк тамак аштын баасында өзгөрүү байкалган жок

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ун (жогорку сорт) 45 сом | Кой эти 240 сом | Пияз 15 сом | Сабиз 20 сом |
| Өсүмдүк майы 100-110 сом | Тооктун буту 125 сом | Кумшекер 55 сом | Картошка 15 сом |
| Күрүч 75-130 сом | Жумуртка (10 даана) 66 сом | Уй эти 280 сом | Алма 50 сом |
| Макарон 40 сом | Кесме 50 сом | Сүт (кутучада) 40 сом | Банан 90-120 сом |





# НУР CATERING

1 кг. аш 900 сом



*Адал, даамдуу* жана *арзан* тамак жеткирип берүү кызматы!

0 558 70 50 66

*Шорпо, Солянка, Рагу, Тефтель, Ганфан, Долма, Лагман, Дымдама, Куурдак , Аш, Манты, Котлет, Бифштекс, Гуляш гарнирлери менен*

БААРЫ 99 сом


БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ЖЕТКИРҮҮ БААСЫ ИЧИНДЕ

GREEN CITY
eco hotels & resorts

*Greencity мейманканасы*
*Тынчтык пр, 16*

*бир орундуу бөлмөлөр*
*эки орундуу бөлмөлөр*
*КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ*
*ресторан*
*бизнес ланч*

*+996 312 87 87 50*
*+996 559 87 87 50*



*Green City мончосу*
*Исакеев көч., 2а*

*түрк хамамы*
*орус мончосу*
*туз камерасы*
*бассейн*
*балыктар менен пилинг*
*массаж*
*жаш балдар бөлмөсү*
*ж.б*



*+996 312 89 67 67*
*+996 550 89 67.67*
*+996 701 79 67 67*

*www.greencity.kg*